**2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**

**Отчет**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 16-апрелиндеги №06-1/308, 2023-жылдын 5-сентябрындагы №06-1/705 буйруктарына ылайык, аудитор У.А.Жумагуловдун жетекчилиги алдында, мамлекеттик инспекторлор Б. Кайымов, С. Утуров, А. Утурова, А. Матосмонов, А. Рахманов, А.Кочкорбаев, 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит объектиси:**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудиттин объектиси болуп Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги (мындан ары – ЖРЭТКМ же министрлик) эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери:**

ЖРЭТКМдин жетекчилиги инвестициялык долбоорлордун ишке ашырылышынын шайкештиги, бухгалтердик эсептин жана ички контролдун талаптагыдай жүргүзүлүшү, финансылык отчеттуулуктун даярдалышы, бухгалтердик отчеттуулуктун эрежелеринин колдонулушу үчүн, ошондой эле мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү

**Аудитордун жана аудит тобунун милдеттери:**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети ЖРЭТКМдин иши мыйзамдардын талаптарына, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде жетекчиликтерге жана ченемдерге (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсүнө тиешелүү тыянактарга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.  Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети:**

Аудиттин предмети болуп ЖРЭТКМдин ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер төмөнкүдөй болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буга чейинки аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышын талдоо;
- ишмердүүлүктү талдоо;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын сметасын түзүүнү жана аткарууну талдоо;
- кирешелерди түзүүгө жана атайын эсептин каражаттарын пайдаланууга аудит;
- ченемдик укуктук актыларга ылайык эмгек акыга жана башка төлөмдөргө, штаттык ыраттаманын туура түзүлүшүнө жана эмгек акы фондунун түзүлүшүнө аудит;
- кассалык жана казыналык операцияларга аудит;
- командировкалык чыгымдардын, отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;
- жылуулук, электр энергиясын, жаратылыш газын, сууну жана агындыларды керектөөнүн лимиттеринин, байланышка чыгымдардын, транспорт каражаттарына лимиттердин, автотранспортту пайдалануунун лимиттеринин сакталышына аудит;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын сакталышын талдоо;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо.

**Аудиттин критерийлери:**

Бул аудиттин предметинин шайкештиги бааланган критерийлер болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Экологиялык экспертиза жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык

кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жарлыгы

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы УП №25, “Иштеген жылдары үчүн кызматтык маянага пайыздык үстөк акыларды төлөө үчүн мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын стажын эсептөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги №197 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы №248 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы №449 “Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин жобосу.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29– мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү:**

Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобу этикалык ченемдерди сактоосун, ошондой эле ЖРЭТКМдин ишмердигининин бардык олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишеним ала тургандай аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы:**

2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ЖРЭТКМдин бюджетинин аткарылышынын шайкеш жана жетиштүү далилдерин алуу үчүн аудитордук максаттарга жетишүү максатында төмөнкү иштер аткарылды:

- ЖРЭТКМнын иши боюнча финансылык отчеттуулукту, бухгалтердик эсепти жана башка маалыматтарды талдоо;
- кирешелерди жана чыгымдарды, анын ичинде персоналдын чыгымдарын жана административдик чыгымдарды талдоо.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бекитилген программасына ылайык ЖРЭТКМдын кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү. “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

Аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды таппоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен*: министр Д. А. Кутманова 15.03.2023-жылга чейин, 15.03.2023-жылдан азыркы учурга чейин министр М. Ж. Тургунбаев.
- делегациялоо боюнча биринчи кол коюу укугу менен: 27.05.2022-жылдан тартып министрдин орун басары Касейинов К.У.;

-*экинчи кол коюу укугу менен*: финансы-экономикалык башкармалыгынын начальниги Б.О. Мусаканова, бардык аудиттелген мезгил үчүн.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттик каражаттарды жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына ылайык келери аныкталган.

**Аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы №38, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө" токтомунун 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине тиешелүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен өткөрүп берилүүчү экология жана курчап турган чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү функцияларды кошпогондо Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин карамагына өткөрүп берүү менен Токой чарба мамлекеттик агенттигине өзгөртүлгөн;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-мартындагы №87, "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомунун 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо мамлекеттик агенттиги түзүлгөн;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы УП №114 "Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө" жарлыгын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 19-майындагы №11 "Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин маселелери жөнүндө" токтому менен Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо мамлекеттик агенттигинин базасында Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитети түзүлгөн;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-ноябрындагы №242 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы бекитилгендигине байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө" токтомунун ченемдерине ылайык төмөнкүлөр аныкталды:

п. 4. Төмөнкүлөр кайра аталсын:

2-пунктчасы) Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлиги тиешелүү штатын, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттарын, ошондой эле төмөнкү чөйрөлөрдө саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды төмөнкүлөргө өткөрүп берүү менен Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги болуп;

- геология, жер казынасын коргоо жана жер казынасын пайдалануу, өнөр жай коопсуздугу, жер казынасын пайдалануу, геологиялык иштерди жүргүзүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын, ошондой эле көмүрдүн жана отундун сапатын жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча милдеттүү талаптардын сакталышын мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү - Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине;

4-пунктчасы) Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитети *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги болуп*;

23) Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттиги аны Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин карамагына өткөрүп берүү менен *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти болуп*;

24) Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Энергетика, тоо-кен көзөмөлү жана өнөр жай коопсуздугу боюнча мамлекеттик инспекциясы Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине тиешелүү штатын, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттарын, ошондой эле мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө функцияларын өткөрүп берүү менен *Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча кызмат болуп*:

- өнөр жай коопсуздугу, геологиялык иштерди жүргүзүү жана жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын (тоо-кен көзөмөлү);

- көмүрдүн жана отундун сапатына милдеттүү талаптардын;

51) Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Экологиялык контролдоо мамлекеттик инспекциясы *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы болуп*;

53) Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу борбору Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо

жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу департаменти болуп;

54) Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Биотүрдүүлүктү жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын сактоо департаменти *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Биотүрдүүлүктү жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын сактоо департаменти болуп;*

55) Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Экологиялык мониторинг департаменти *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык мониторинг департаменти болуп*;

56) Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Климаттык каржылоо боюнча борбор *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Климаттык каржылоо борбору болуп;*

57) Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасы аны тиешелүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин карамагына өткөрүп берүү менен *“Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасы* болуп;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №425 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү жөнүндө” жарлыгын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Жобосу бекитилген.

**Министрликтин негизги максаттары жана милдеттери**

Министрлик айлана-чөйрөнү коргоо, экология жана климат, геология жана жер казынасын пайдалануу, ирригациялык жана мелиоративдик инфратүзүмдү кошпогондо, жаратылыш ресурстарын, анын ичинде биоресурстарды, жер казынасын жана суу ресурстарын пайдалануу жана коргоо чөйрөлөрүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну, ишке ашырууну жана координациялоону жүзөгө ашыруучу, экологиялык (анын ичинде химиялык, биологиялык, радиациялык жана ядролук) өнөр жай коопсуздугунун, тоо-кен иштеринин коопсуздугунун, жер казынасын

коргоонун талаптарынын сакталышына, көмүрдүн жана отундун сапатына мамлекеттик контролду жана көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналат.

Министрлик Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин укук улантуучусу болуп саналат.

Министрликтин өзүнүн түзүмүндө юридикалык жак статусуна ээ ведомстволук бөлүмдөрү, региондук органдары жана мамлекеттик ишканалары, мекемелери, фонддору бар, тиешелүү юридикалык жактардын уюштуруучусу болууга укуктуу.

Министрликтин максаты Кыргыз Республикасынын уникалдуу экологиялык системасын сактоону камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын жашоо-тиричилигинин жагымдуу чөйрөсүн түзүү, ирригациялык жана мелиоративдик инфратүзүмдү кошпогондо, айлана-чөйрөнү жана жаратылыш ресурстарын, анын ичинде биоресурстарды, жер казынасын жана суу ресурстарын коргоо, экология жана климат, экологиялык, өнөр жай коопсуздугунун, тоо-кен иштеринин коопсуздугунун талаптарынын сакталышын, жер казынасын сактоону, көмүрдүн жана отундун сапатын натыйжалуу контролдоону жана көзөмөлдөөнү камсыз кылуу болуп саналат.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө Министрлиги 2021-жылы түзүлгөндүгүнө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буга чейинки аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктар жана сунуштамалар, ЖРЭТКМ түзүлгөн ведомстволорго жөнөтүлгөн.

Ошентип, 01.01.2019-жылдан 31.12.2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинде, анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө жана ведомстволук мекемелеринде натыйжалуулук аудиттин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча (*Кыргыз Республикасынын ЭЖМнин Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттиги болуп кайра түзүлдү, андан ары КР ЖРЭТКМге караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти*):

– 05.08.2022-жылдагы №01-23/157 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 3 пункттун ичинен 1 пункту (1-пункт) – жарым-жартылай аткарылган жана 2 пункту (2 жана 3-пункттар) – аткарылган эмес.

– 05.08.2022-жылдагы №01-23/156 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 5 пункттун ичинен 3 пункту (2, 3 жана 5-пункттар) – жарым-жартылай аткарылган, 2 пункту (1 жана 4-пункттар) – аткарылган эмес. Ал эми, калыбына келтирүүгө тийиш болгон 2 706 872,8 миң сомдон 235,8 миң сом

калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 2 706 872,8 миң сомду түзөт.

2018-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө жана аймактык башкармалыктарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудитинин алкагында 02.04.2020-ж №01-23/88 жазма буйругу жөнөтүлгөн, анда 5.2-пунктчасы жарым-жартылай аткарылган. (Каракол мамлекеттик жаратылыш паркы» мекемеси боюнча). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 8 869,3 миң сомдон 6 060,6 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 2 808,7 миң сомду түзөт.

2019-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө жана аймактык башкармалыктарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудитинин алкагында 29.12.2020-ж №01-23/221 жазма буйругу жөнөтүлгөн, анда 5-пункту жарым-жартылай аткарылган.

**Сунуштама:**

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын:

- 05.08.2022-жылдагы №01-23/157 жазма буйругунун 1, 2, 3-пункуттары;
- 05.08.2022-жылдын №01-23/156 сунуштамасынын пункуттары толук аткарылсын.

## Ишмердүүлүктү талдоо

**Экологиялык экспертиза;**

Мамлекеттик экологиялык экспертиза башкармалыгы (мындан ары-МЭЭБ) тарабынан 2021-жылы долбоордук жана ченемдик-техникалык документтерге 251 мамлекеттик экологиялык экспертиза уюштурулган жана өткөрүлгөн. Алардын ичинен 205 долбоор жана ченемдик-техникалык документтер боюнча мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусу, 8 долбоордук документ боюнча МЭЭБдин терс корутундусу чыгарылган, 38 долбоор толуктап иштеп чыгууга багытталган.

2022-жылы мамлекеттик экологиялык экспертиза башкармалыгы тарабынан долбоордук жана ченемдик-техникалык документтерге 111 мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүлгөн. Алардын ичинен 49 долбоор жана ченемдик-техникалык документтер боюнча МЭЭБдин оң корутундусу, 34 долбоордук документ боюнча МЭЭБдин терс корутундусу чыгарылган, 28 долбоор толуктап иштеп чыгууга багытталган.

**Бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын сметасын түзүүнү жана аткарууну талдоо**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жана анын ведомстволук мекемелери

республикалык бюджеттен каржыланат, бюджеттик, атайын жана депозиттик эсептерге ээ.

2021-жылы 65110, 65120 ведомстволук классификацияларды боюнча такталган смета 162 885,2 миң сомду, кассалык чыгашалар - 151 182,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар - 224 984,4 миң сомду түздү, алардын ичинен:

- бюджеттик каражаттар боюнча такталган смета - 148 006,2 миң сом, кассалык чыгашалар - 145 798,6 миң сом жана иш жүзүндөгү чыгашалар - 154 363,5 миң сом;

- атайын каражаттар боюнча такталган смета - 14 879,0 миң сом, кассалык чыгаша - 5 384,0 миң сом, иш жүзүндөгү чыгаша - 70 620,9 миң сом.

2022-жылы 65110, 65120, 65210 ведомстволук классификациялары боюнча такталган смета 747 665,8 миң сомду, кассалык чыгашалар 615 250,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 621 154,8 сомду түздү, алардын ичинен:

- бюджеттик каражаттар боюнча такталган смета - 628 647,6 миң сом, кассалык чыгашалар - 496 232,5 миң сом жана иш жүзүндөгү чыгашалар-500 927,5 миң сом;

- атайын каражаттар боюнча такталган смета - 119 018,2 миң сом, кассалык чыгашалар - 119 018,2 миң сом, иш жүзүндөгү чыгашалар - 120 227,3 миң сом.

**ЖРЭТКМнин борбордук аппараты**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы №248 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" жобонун 13-пунктуна ылайык, ЖРЭТКМдин "Мамлекеттик экологиялык экспертизанын эксперттик комиссиясы жөнүндө" буйругу менен эксперттик комиссиянын курамына айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (аймактык органдын) экологиялык экспертиза боюнча түзүмдүк бөлүнүшүндөгү кызматкерлеринин ичинен эксперттер жана штаттан тышкаркы эксперттер, коомчулуктун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү киргизилет.

Аудит тарабынан эксперттик комиссияны түзүүдө коомчулуктун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү киргизилбегендиги аныкталган.

**Корутунду**

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын эксперттик комиссиясын түзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы №248 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза

жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 13-пунктунун ченемдери сакталбайт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы №248 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун ченемдерин, эксперттик комиссияны түзүүдө коомчулуктун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн киргизүү бөлүгүн бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды**

“Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине ылайык жаратылышты пайдалануу үчүн жыйымдар жүзөгө ашырылат.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын чарбакер субъекттери жана ишканалары боюнча айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн бардыгы болуп 241 782,2 миң сом суммасында төлөм келип түшткөн, анын ичинде:

- стационардык жана көчмө булактардан булгоочу заттардын атмосфералык абага чыгарылышы - 118 864,0 миң сом;

- агынды суулары менен булганыч заттарды (тазаланган жана тазаланбаган) айлана - чөйрөгө агызуу (табигый жана жасалма суу объектилери, жер үстүндөгү жана жер астындагы, коллектордук-дренаждык системалар, сугарылуучу, фильтрациялык (чыпкалоочу) жана буулантуучу талаалар, жер рельефи (устундар, жарлар, котловандар, суулардын кургак нуктары ж. б.) - 4 480,5 миң сом;

- калдыктардын бардык түрлөрүн топтоо (сактоо, көмүү) үчүн атайын арналган жана (же) ылайыкташтырылган жерлерди (объекттерди) кошкондо айлана-чөйрөгө калдыктарды жана кен калдыктарын жайгаштыруу-118 437,7 миң сом.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын чарбакер субъекттери жана ишканалары боюнча айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн бардыгы болуп 325 492,5 миң сом төлөм келип түштү, анын ичинде:

- стационардык жана көчмө булактардан булгоочу заттардын атмосфералык абага чыгарылышы - 170 593,9 миң сом;

- агынды суулары менен булганыч заттарды (тазаланган жана тазаланбаган) айлана-чөйрөгө агызуу (табигый жана жасалма суу объектилери, жер үстүндөгү жана жер астындагы, коллектордук-дренаждык системалар, сугарылуучу, фильтрациялык чыпкалоочу жана буулантуучу талаалар; жер рельефи (устундар, жарлар, котловандар, суулардын кургак нуктары ж. б.) - 3 895,9 миң сом;

- калдыктардын бардык түрлөрүн топтоо (сактоо, көмүү) үчүн атайын арналган жана (же) ылайыкташтырылган жерлерди (объекттерди) кошкондо

айлана-чөйрөгө калдыктарды жана кен калдыктарын жайгаштыруу-150 912,7 миң сом.

ЖРЭТКМ тарабынан аудитке жаратылышты пайдалануу үчүн акы төлөөнүн эсептелген суммалары боюнча отчеттор жана маалыматтар берилбегендигин жана карыздардын эсеби жүргүзүлбөгөнүн белгилей кетүү зарыл.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө" жобонун 11-пунктунун 4-пунктчасын (мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө функцияларын) бузуу менен ЖРЭТКМ жаратылышты пайдалануу үчүн жыйымдардын туура эсептелишине, толук жана өз убагында төлөнүшүнө контрол жүргүзбөйт. Ушуга байланыштуу, жаратылышты пайдалануу үчүн карыздын эсептелген суммалары боюнча, ошондой эле төлөнбөй калган учурларда көрүлгөн чаралар жөнүндө ЖРЭТКМнде отчеттор жок.

**Сунуштама**

1. Чегерилген суммаларга жана карыздарга инвентаризациялоо жүргүзүлсүн, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө" жобонун 11-пункутунун 4-пунктчасын (мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө функциялары) аткаруу үчүн, жаратылышты пайдалануу үчүн жыйымдар боюнча карыздардын чегерилишин, төлөнүшүн жана өндүрүлүшүн эсепке алуу жана контролдоо калыбына келтирилсин.

2. Жаратылышты пайдалануу үчүн жыйымды (төлөмдү) эсепке алуу жана төлөө боюнча контролдуктун жоктугуна жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 27-сентябрындагы №185 "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйым ставкаларын жана жыйымды эсептөөнүн, төлөөнүн, чогултуунун жана карызды өндүрүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйымды эсептөөнүн, төлөөнүн, чогултуунун жана карызды өндүрүүнүн Тартибинин 3 жана 7-пункттарына ылайык, *жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым (мындан ары - жыйым) Кыргыз Республикасында пайдалуу кен чыккан жерлерди издөө жана/же чалгындоо жана/же иштетүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиянын ээси болгон*

*төлөөчү тарабынан төлөнүүгө тийиш (3-пункт), **жыйымды эсептөө жер казынасын пайдалануу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан** лицензиялык аянттын өлчөмүнө, пайдалуу кендердин түрү боюнча ставкага, жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиянын берүү датасына жана жер казынасын иш жүзүндө пайдалануунун мезгилине ылайык жүргүзүлөт (7-пункт).*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы “449 “Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү Тартибинин 7-пунктуна ылайык “***жыйымды эсептөө төлөөчү тарабынан** лицензиялык аянттын өлчөмүнө, пайдалуу кендердин түрү боюнча ставкага, жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиянын берүү датасына жана жер казынасын пайдалануунун мезгилине ылайык **өз алдынча жүргүзүлөт”***.

Ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 25-пунктунда *“төлөөчү берген эсептөөлөрдө жыйымды эсептөөдө каталар же так эместиктер табылган учурда жер казынасын пайдалануу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жыйымдын эсебин түзөтүп оңдойт жана аны заказ кат менен төлөөчүнүн акыркы белгилүү дареги боюнча жөнөтөт же төлөөчүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колуна тапшырылат”* деп көрсөтүлгөн, демек ЖРЭТКМ тарабынан жыйымга контролдук эсептөөлөр жүргүзүлүүгө тийиш.

Бирок, ЖРЭТКМ тарабынан аткаруу бийлигинин Геология жана жер казынасын пайдалануу, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну жана координациялоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы “449 “Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү Тартибинин 7-пунктун иштеп чыгууда же макулдашууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.11.2021-жылдагы №263 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлиги жөнүндө " жобонун 11-пунктунун 2-пунктчасына (жөнгө салуу функциялары), мында ЖРЭТКМгине *жер казынасын пайдалануу укугуна конкурска жана/же аукционго катышуу үчүн, жер казынасын пайдалануу укугун берүү үчүн, жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармап туруу үчүн*

*жыйымдардын эсебин жүргүзүү* функциясы жүктөлгөн карама-каршылыктар эске алынган эмес.

**Корутунду**

ЖРЭТКМ тарабынан аткаруу бийлигинин Геология жана жер казынасын пайдалануу, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну жана координациялоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы №449 "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү Тартибинин 7-пункутун иштеп чыгууда же макулдашууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлиги жөнүндө " жобонун 11-пунктунун 2-пунктчасына (жөнгө салуу функциялары), *карама-каршылыктары эске алынган эмес.*

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.11.2021-жылдагы №263 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө" жобонун 11-пункутунун 2-пунктчасынын аткарылышын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы №449 "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибинин" 7-пункутунун лицензияны кармап туруу үчүн жыйымды эсептөө бөлүгүнүн ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгеленсин.

**Лицензияны кармап туруу үчүн жыйым боюнча талдоо (ст)**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттигинин 22.04.2021-жылдагы №01-7/111 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттигинин ЛКЖ (лицензияны кармагандыгы үчүн жыйым) экономика сектору жөнүндө" Жобонун 16-пункутуна ылайык, ЛКЖны эсептөө, контролдоо жана эсепке

алуу ЛКЖ экономика секторуна жана Мамлекеттик агенттиктеги ЛКЖга жүктөлгөн.

Лицензияны кармагандыгы үчүн жыйымдар жана экономика секторунун мурунку башчысы М.Х. Ямалтдинованын түшүндүрмөсүнө ылайык, ал жумуштан бошонгон күнү – 2022-жылдын 1-мартында ЛКЖны эсептөө жана чегерүү боюнча 1С программасынын электрондук базасында ЛКЖны эсептөө жана эсепке алуу боюнча маалыматтар болгон.

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри Д.А. Кутманованын (мындан ары – Министрлик) 16.03.2022-жылдагы №55-п "Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ишти оптималдоо жөнүндө" буйругуна ылайык, Департаменттин Лицензияны кармагандыгы үчүн жыйымдар жана экономика сектору жоюлган жана 2 штаттык бирдик Министрликтин түзүлгөн экономика жана жер казынасын пайдалануу башкармалыгына берилген. Мында, көрсөтүлгөн башкармалыктын кызматкерлеринин кызматтык милдеттери жана жобосу бекитилген эмес. Буйрукта ЛКЖны эсептөө, контролдоо жана чегерүү боюнча функция, түзүлгөн башкармалыкка берүү көрсөтүлгөн эмес. Ошондой эле Департамент тарабынан 2 705 915,1 миң сом суммасындагы эсептелген ЛКЖ эсепке алынган эмес жана тиешелүү түрдө Министрликке берилген эмес жана отчетторду кабыл алуу - өткөрүп берүү жана ЛКЖ боюнча маалыматтар базасы жок.

Министрлик аудитке 2021-2022-жылдарга карата ЛКЖны эсептөө жана төлөө суммаларын берген эмес, бирок 01.01.2022-жылга карата колдонуудагы лицензиянын жалпы саны 1874 лицензияны жана 01.01.2023-жылга карата колдонуудагы лицензиянын жалпы саны 2071 лицензияны түзгөн.

06.04.2022-жылдагы №167-л буйрукка ылайык, Министрликтин экономика жана жер казынасын пайдалануу башкармалыгынын адисинин милдетин аткаруучу болуп, Павлова О.И. дайындалган.

Министр Д.А. Кутманованын 24.05.2022-жылдагы №105-п "Түзүмдү оптималдоо жөнүндө" буйругуна ылайык, 2 штаттык бирдик (башкы жана жетектөөчү адис) менен, лицензияны кармоо боюнча жыйым сектору түзүлгөн, ал жерде жетекчи (башчы) болгон эмес, бул сектор Министрликтин жер казынасын лицензиялоо башкармалыгынын түзүмүндө түзүлгөн.

Министрликтин 07.06.2022-жылдагы №115-п буйругу менен бекитилген, "Министрликтин жер казынасын лицензиялоо башкармалыгы жөнүндө" Жободо көрсөтүлгөн Башкармалыктын кызматкерлеринин кызматтык милдеттеринде ЛКЖны эсепке алуу жана контролдоо боюнча функция көрсөтүлгөн эмес. Мындан сырткары, Башкармалыктын ЛКЖ секторунун кызматкерлеринин кызматтык милдеттери жана "ЛКЖ сектору жөнүндө" жобосу бекитилген эмес.

Министрликтин жер казынасын лицензиялоо башкармалыгынын начальниктери болуп төмөндөгүлөр эсептелишкен: 10.05.2022-жылдан 13.10.2022-жылга чейин Мамытов Н.М., 13.10.2022-жылдан

16.12.2022-жылга чейин Балбаева Г.К., алардан түшүндүрмө алууга мүмкүн болгон жок, анткени, алар бошонуп кетишкен.

Түзүлгөн сектордо башкы адис О.И. Павлова 23.11.2022-жылга чейин, адистин милдетин аткаруучу (иш кагаздарын жүргүзүүчү) Ю.П. Шевчук 16.12.2022-жылга чейин иштеген.

О.И. Павлованын түшүндүрмөсүнө ылайык, М. Матмусаеванын (лицензияны кармагандыгы үчүн жыйымдарды эсептөө боюнча адис) бошонгондугуна байланыштуу, 2022-жылдын майында жетекчиликтин тапшырмасы боюнча 2021-жыл үчүн кайрадан эсептөөнү жана 2022-жылга ЛКЖга эсептөөлөрдү жүргүзгөн.

Бул сектор министр Д.А. Кутманованын 16.12.2022-жылдагы №581-п "Штаттык жүгүртмөнү бекитүү жөнүндө" буйругуна ылайык, 2 штаттык бирдик менен лицензияны кармагандыгы үчүн жыйым сектору 3-жолу карадан уюштурулган (жоюлган). Мында, буйрукта жоюлган сектордун функциясын алган укук мураскери көрсөтүлгөн эмес. Мындан сырткары, Башкармалыктын жобосу бекитилген эмес.

Ошентип, лицензияны кармагандыгы үчүн жыйымдарды эсептөө боюнча функцияны, жетекчиликтин оозеки буйругу менен Жер казынасын пайдалануу башкармалыгы аткарган. Башкармалыктын башкы адиси А.Р Усубакунова жана жетектөөчү адиси Г.А. Осмонкулованын түшүндүрмө каттарына ылайык, ЛКЖ үчүн эсепти жана контролдоо 1С базасында эмес, «Excel» программасы боюнча жүргүзүлгөн, башкармалыктын начальниги А.А. Айылчиева жетекчилиткин тапшырмасын аткарагандан баш тарткан.

16.12.2022-жылдан 29.06.2023-жылга чейин Айылчиева А.А. башкармалыктын начальниги болгон, ал бошоп кеткендигине байланыштуу, түшүндүрмө алууга мүмкүн болгон жок.

Ошондой эле, О.И. Павлованын түшүндүрмө катына ылайык, төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:

2022-жылдын октябрында О.И. Павлова Министрликтин жетекчилигинен (министр Д. Кутманова менен министрдин орун басары – Департаменттин директору А. Тумановдон), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 12.08.2022-жылдагы № 449 "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтому чыккандыгына байланыштуу, жер казынасын пайдалануу боюнча ЛКЖны эсептөө/кайрадан эсептөө жүргүзүлбөшү жөнүндө оозеки көрсөтмө алган, ал жерде 7-пунктта "Жыйымды эсептөө төлөөчү тарабынан ... өз алдынча жүргүзүлөт" деп берилген.

Ошону менен бирге, жер казынасын лицензиялоо башкармалыгынын башкы адиси О.И. Павлованын 03.11.2022-жылдагы №12-1164/Сл кызматтык каты табылган, ал башкармалыктын начальниги Г.К. Балбаевага багытталган жана ЛКЖнын эсептелген жана төлөнгөн суммалары жөнүндө көрсөтүлгөн:

- 2021-жылга карата 3 571 449,0 миң сом суммасында ЛКЖ эсептелген, төлөм 214 681,4 миң сом, төлөнбөгөн сумманын айырмасы 3 356 767,6 миң сомду түзгөн;

- 2022-жылга карата 7 025 788,9 миң сом суммасында ЛКЖ эсептелген, төлөм 229 582,4 миң сомду, төлөнбөгөн сумманын айырмасы 6 796 206,5 миң сомду түзгөн. Жыйынтыгында төлөнбөгөн сумма 10 152 974,1 миң сомду түзгөн.

Жер казынасын лицензиялоо башкармалыгынын начальниги Г.К. Балбаева тарабынан кызматтык кат каралбастан калган.

О.И. Павлова ЛКЖны эсептөө жана төлөө боюнча көрсөтүлгөн суммалар ЛКЖны эсептөө боюнча 1С программасынан алынгандыгына түшүндүргөн.

2021-жылга карата 3 571 449,0 миң сом суммасында ЛКЖ эсептелген жана 2022-жылга карата 7 025 788,9 миң сом суммасында ЛКЖ эсептелген 1С электрондук базасынан жер казынасын пайдалануучулардын тизмесин алуу мүмкүн болгон жок.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 05.10.2023-жылдагы чечиминин негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 12.08.2022-жылдагы №449 "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйым ставкаларын жана жыйымды эсептөөнүн, төлөөнүн, чогултуунун жана карызды өндүрүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтомун колдонбоо жүктөлгөн. Буга байланыштуу, ЛКЖнын жаңы чендери боюнча ЛКЖны төлөөнү азайтууга кайрадан эсептөө жүргүзүлүүдө.

Бирок, Министрлик Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечимин аткаруу алкагында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечими жок туруп кайрадан эсептөөнү жүргүзүүдө.

Ошентип, 10 152 974,1 миң сомдун ичинен Департамент тарабынан 2021-жылы 3 356 767,6 миң сом эсепке коюлган эмес, 2022-жылы Министрлик тарабынан 6 796 206,5 миң сом эсепке коюлган эместиги аудит тарабынан аныкталган (О.И. Павлованын түшүндүрмө катында көрсөтүлгөн).

Мурунку министр Д.А. Кутманова, министрдин орун басары-директор А.С. Карпаева министрдин орун басары – директор А.Ж. Туманов, жер казынасын пайдалануу башкармалыгынын начальниги А.А. Айылчиев тарабынан ЛКЖ боюнча иш жана эсепти контролдоо жүргүзүлгөн эмес.

Министрликтин 08.08.2023-жылдагы №222-л буйругуна ылайык, ЛКЖ боюнча иштөө функциясы Кыргыз геология кызматына берилген, буга байланыштуу, Министрликтин борбордук аппаратында 2023-жылдын сентябрында аудит жүргүзүүдө, ЛКЖ боюнча маалымат жана отчеттор болгон эмес.

Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдөрүн дайыма кайрадан уюштура берүүнүн натыйжасында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 263 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология

жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө” Жобонун 11-пунктунун 4-пунктчасын бузуу менен, Министрлик жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдарды эсептөөнүн тууралыгына, толуктугуна жана өз учурунда төлөнүшүнө контролдоо функциясы жоголгон.

Ошондой эле, жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармагандыгы үчүн жыйымдарды өз убагында төлөө, туура жана толук эсептөө боюнча эсепке алуу колдон чыгарылган.

Министрликте жана Департаментте жүргүзүлгөн түзүмдүк кайрадан уюштурууларды жалпы талдоодо, ЛКЖ боюнча иштин контролсуздугу жана чаржайытттыгы үчүн шарттарды түзүүгө алып келгендигин, б.а. түзүлгөн башкармалыктар тиешелүү кызматкерлер менен толукталбагандыгын, жоболордун бекитилбегендигин жана ЛКЖ боюнча иш функциясы каралбагандыгын көрсөттү. Ошондой эле кызматкерлердин жоопкерчилигин камсыздоо максатында, кызматтык милдеттер бекитилген эмес. ЛКЖ боюнча программалар жана маалыматтар базасы маалыматтык коопсуздук менен камсыздалган эмес, б.а. кызматкерди алмаштырууда маалыматтар базасын инвентаризациялоо, ЛКЖ маалыматтар базасы сакталган компьютерлерди кабыл алуу-өткөрүп берүү жүргүзүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №80 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттиги жөнүндө” Жобонун 13-пункутунун 3-пунктчасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №338 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти жөнүндө” Жобонун 13-пункутунун 3-пунктчасын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 263 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө” Жобонун 11-пунктунун 4-пунктчасын бузуу менен, Министрлик жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдарды эсептөөнүн тууралыгына, толуктугуна жана өз учурунда төлөнүшүнө контролдоо функциясын аткарган эмес.

**Сунуштама**

2021-2022-жылдар үчүн лицензияларды кармап туруу үчүн жыйымдардын төлөмдөрүн чегерүү боюнча тиешелүү эсеп камсыз кылынсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун 1-пунктунун

№1-тиркемесинин 14-пунктуна ылайык ведомстволук мекемелердин штаттык саны 554 штаттык бирдик санында каралган.

Бирок, 2022-жылдын 16-мартындагы ЖРЭТКМдин “Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктү оптималдаштыруу жөнүндө” №55-б буйругуна ылайык Геология жана жер казынасын пайдалануу департаментинен 7 штаттык бирдик ЖРЭТКМдин борбордук аппаратынын штатына которулган. Ошондой эле, 2022-жылдын 24-майындагы ЖРЭТКМдин “Структураны оптималдаштыруу жөнүндө” №105-б буйругу менен Геология жана жер казынасын пайдалануу департаментинен министрликтин борбордук аппаратынын штатына кошумча 11 штаттык бирдик которулган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомун бузуу менен ЖРЭТКМ Геология жана жер казынасын пайдалануу департаментинин штаттык санын азайтуунун эсебинен борбордук аппараттын штаттык санын 18 штаттык бирдикке көбөйткөн.

**Сунуштама**

ЖРЭТКМнин штаттык саны, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому менен белгиленген ченемдерге ылайык келтирилсин.

**Аныкталды**

- Министрликтин 2021-жылдын 31-декабрындагы №71-п “Кошумча акылар жөнүндө” буйругуна ылайык 2022-жылдын 3-январынан 8-январына чейин жумуш эмес жана майрам күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн 303,4 миң сом төлөнгөн, ошол эле учурда бул буйрукта жумушка чыгуу үчүн конкреттүү негиздемелер жок;

- Министрликтин 2022-жылдын 1-мартындагы №94-л “Кошумча акылар жөнүндө” буйругуна ылайык февраль айы үчүн ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 25%, жумуш эмес жана майрам күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн 293,2 миң сом төлөнгөн;

- Министрликтин 2022-жылдын 31-мартындагы №158-л “Кошумча акылар жөнүндө” буйругуна ылайык март айы үчүн ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 25%, жумуш эмес жана майрам күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн 249,8 миң сом төлөнгөн.

- Министрликтин 2022-жылдын 28-апрелиндеги №193-л “Кошумча акылар жөнүндө” буйругуна ылайык апрель айы үчүн ченемге салынбаган

жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 25%, жумуш эмес күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн 228,3 миң сом төлөнгөн.

- Министрликтин 2022-жылдын 27-майындагы №210-л "Кошумча акылар жөнүндө" буйругуна ылайык май айы үчүн ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 25%, жумуш эмес күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн 416,7 миң сом төлөнгөн.

- Министрликтин 2022-жылдын 29-июнундагы №276-л "Кошумча акылар жөнүндө" буйругуна ылайык июнь айы үчүн ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 25%, жумуш эмес күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн 177,0 миң сом төлөнгөн.

- Министрликтин 2022-жылдын 29-июлундагы №358-л "Кошумча акылар жөнүндө" буйругуна ылайык июль айы үчүн ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 25%, жумуш эмес күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн 196,9 миң сом төлөнгөн.

Бардыгы болуп 1 865,3 миң сом төлөнгөн.

Жогоруда аталган "Кошумча акылар жөнүндө" буйруктарга ылайык иш эмес жана майрам күндөрү жумушка чыгуу үчүн негиз болуп ЖРЭТКМдин бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтык каттары эсептелет. Мында, кириш документтерди каттоо журналында жумуш эмес күндөрү жумушка чыгуу зарылдыгы жөнүндө кызматтык каттын келип түшкөндүгү жөнүндө жазуулар жок. Ошону менен бирге, аудитке ЖРЭТКМдин башкармалыктарынын, бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтык каттары берилген, анда жетекчилер кызматкерлердин жумуш убактысынан тышкары жумушка чыккандыгы жөнүндө көрсөтүлөт, мында иш эмес күндөрдүн өтүп кеткен даталары көрсөтүлөт.

Мындан тышкары, "Кошумча акылар жөнүндө" буйруктар ай бүткөндө же ай бүтөөрүнө 1-2 күн калганда чыгарылганын эске алганда иш эмес күндөрдөгү жумуш убактысын эсепке алуу табели өткөн чакта (артка карай) толтурулган. Ал эми Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 107-беренесинин 4-абзацына ылайык *иш жүзүндөгү убакыт кызматкер иш тартибине, кезмет графигине же <u>иш берүүчүнүн өзгөчө көрсөтмөсүнө</u> ылайык ордуна келген учурдан баштап ошол күнү жумуштан (кезметтен) иш жүзүндө бошонгонго чейинки мезгил эсептелет*. Ушул Кодекстин 114-статьясынын 5 жана 7-абзацтарына ылайык *дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрдө жумушка тартууга кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу жана ошол уюмдун кызматкерлеринин өкүлчүлүктүү органынын макулдугу менен жол берилет. Кызматкерлерди дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүндө жумушка тартуу иш берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү тескемеси боюнча жүргүзүлөт.*

Иш жүзүндө бул уюмдун кызматкерлеринин өкүлчүлүктүү органынын макулдугу жок, "Кошумча акылар жөнүндө" буйруктар окуя болгон күнгө чейин (дем алыш мезгили (күндөрү) келгенге чейин) чыгарылган эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 107-беренесинин 4-абзацын, 114-береnenин 5 жана 7-абзацтарын бузуу менен кызматкерлердин жумуш эмес жана майрам күндөрү жумушка чыгуусу үчүн ЖРЭТКМ тарабынан жалпы 1 865,3 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жумуш эмес жана майрам күндөрү ишке тартуу бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Чет өлкөлөргө командировкалык чыгымдар 2021-жылы 670,3 миң сомду, 2022-жылы 357,3 миң сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы №451 "Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматчыларынын чет өлкөлүк кызматтык сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 2-пункутуна ылайык, министрликтердин, ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары жана кызматкерлери жети жумушчу күндөн ашпаган мөөнөттө иш сапарынын жыйынтыктары жөнүндө кыскача отчет беришет.

Аудит тарабынан Министрликтин жетекчилиги жана кызматкерлери тарабынан чет өлкөгө болгон иш сапарлардын жыйынтыгы боюнча отчеттор түзүлбөгөнү аныкталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы №451 "Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматчыларынын чет өлкөлүк кызматтык сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун ченемдерин Министрликтин жетекчилиги жана кызматкерлери тарабынан чет өлкөгө иш сапарларынын натыйжалары жөнүндө кыскача отчет берүү бөлүгүндөгү бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө 2023-жылдын 2-авргустундагы №201 буйруктун негизинде негизги каражаттарды жана ТМБны инвентаризациялоо жүргүзүлүп, анда жалпы суммасы 530,7 миң сомго кем чыгуулар аныкталган, анын ичинде комплектеги компьютер 3 бирдик 186,0 миң сомго, ноутбук 3 бирдик 231,7 миң сомго, 1 даана планшет 113,0 миң сомго.

Министрликтин ФЭБнын башчысынын түшүндүрмө катына ылайык, бул жетишпестик жооптуу адамдар инженер-программист Ж.Токтоболотов, министрдин орун басары Б. Ибраимов объективдүү себептерден улам өздөрүнүн отчетторундагы ТМБны бухгалтерияга тапшыра албагандыгы

менен түшүндүрүлөт. Отчет берүүчү адам-министрдин мурдагы орун басары М. Алымкулов белгисиз себептер менен иштен бошотулгандан кийин баасы 182,6 миң сомдук 2 даана ноутбук тапшырган эмес.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-П буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 1-параграфынын 5-пункутунун 4-пунктчасын бузуп жалпы суммасы 530,7 миң сомго жетишпестик экендиги аныкталган.

**Сунуштама**

Жалпы суммасы 530,7 миң сомдук кем чыгууларды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

2021-жылдын 1-сентябрынан 2022-жылдын 28-февралына чейинки жол баракчаларына жана КММ боюнча отчетторго ылайык, министрдин кеңешчиси Бобошев У.Ж. м/н 01KG909AT Тойота-4 Раннер үлгүсүндөгү кызматтык автотранспортту колдонгон, анда 520 литр 30,4 миң сом суммасында КММ берилген жана эсептен чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 1-пунктун бузуу менен министр кеңешчиси У. Ж. Бобошевге м/н 01KG909AT Тойота-4 Раннер үлгүсүндөгү кызматтык автотранспорт негизсиз берилген, анын натыйжасында КММдин негизсиз чыгымдары 520 литр көлөмүндө 30,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

30,4 миң сом суммасында негизсиз чыгымдалган бюджеттик каражаттарды (күйүүчү майлоочу майлардын негизсиз чыгымдарын) калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктуна *(2015-жылдын 3-апрелиндеги редакциясында)*, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна *(2022-жылдын 14-апрелиндеги редакциясында)* ылайык, сатып алуучу уюм (сатып алуулар бөлүмү, сатып алуулар боюнча адис) сатып алуулар планын түзүү учурунда жана кулактандырууну жарыялоонун алдында (сатып алууларды пландоо, планын түзүү этабында, алкактык макулдашууну түзүүдө жана бир булактан сатып алууда) сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзөт.

2021-жылы келишимди тикелей түзүү усулу менен бардыгы болуп 9 сынак өткөрүлгөн.

2022-жылы бардыгы болуп 34 сатып алуу (конкурс) жүргүзүлгөн, анын ичинен 22 сатып алуу (конкурс) квалификациялык талаптар менен котировкаларды суратуу усулу менен, 9 сатып алуу (конкурс) келишимди тикелей түзүү усулу менен, 2 чектелген усул менен жана 1 бир этаптуу усул менен жүргүзүлгөн.

Бирок, пландоо этабында, сатып алуулар планын түзүүдө жана бир булактан сатып алууда мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктуна *(2015-жылдын 3-апрелиндеги редакциясында)*, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна *(2022-жылдын 14-апрелиндеги редакциясында)* бузуу менен мамлекеттик сатып алуулар (сатып алууларды пландоо, планын түзүү этабында, алкактык макулдашууну түзүүдө жана бир булактан сатып алууда) сатып алуулар планын түзүү учурунда жана кулактандырууну жарыялоонун алдында сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзбөстөн ишке ашырылган.

**Сунуштама**

Сатып алынуучу товарлардын базар баасына мониторинг жүргүзүү бөлүгүндө "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2022-жылдын 19-июлундагы токтомунун, 2022-жылдын 1-сентябрындагы аткаруу баракчасынын, 2022-жылдын 12-сентябрындагы "Соттун чечимин өз ыктыяры менен аткаруу жөнүндө" сунушунун негизинде ЖРЭТКМдин мурдагы кызматкерине 327,4 миң сом суммасында материалдык компенсация төлөнүп берилген.

Мында ЖРЭТКМдин жетекчилиги тарабынан күнөөлүү адамдардын эсебинен регрессстик тартипте сумманын ордун толтуруу боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**ЖРЭТКМге караштуу биотүрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаменти**

**Аныкталды**

2020 - жылы штаттык ырааттамага ылайык 36 штаттык аңчы (охотовед) бирдиги, 57 штаттык егерь бирдиги, 2021-жылы 32 штаттык аңчы бирдиги, 45 штаттык егерь бирдиги болгон. 2020-2021-жылдары эмгек акы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 "Токой

жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун негизинде төлөнгөн.

Бирок, жогоруда аталган токтом менен токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө каралган, ал эми Департаменттин штатында турган аңчы жана егерь кызматкерлери жогоруда аталган мекемелердин кызматкерлери болуп эсептелбейт.

КР экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин 2021-жылдын 1-сентябрындагы №84-п буйругуна ылайык, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 19-майындагы № 270 “Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин маселелери жөнүндө” токтомун аткаруу үчүн 2021-жылдын 1-октябрынан баштап аңчылардын жана егерлердин штаттык бирдиктери ЖРЭТКМнин аймактык башкармалыктарына өткөрүлүп берилген.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 “Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунда каралган ченемдер токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлери үчүн белгиленген. Ошентип, аңчылардын жана егерлердин эмгегине акы төлөө алардын эмгек акысын төлөө шарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актысыз жүргүзүлгөн. Натыйжада, 01.01.2020-жылдан 31.09.2021-жылга чейинки мезгилде 13 896,1 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

ЖРЭТКМдин аймактык башкармалыктарынын штаттык ырааттамаларында турган аңчылардын жана егерлердин эмгегине акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук акты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгеленсин.

**Ош-Жалал-Абад регионалдык башкармалыгы**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин 2021-жылдын 6-сентябрындагы №84-б буйругуна ылайык Жалал-Абад регионалдык башкармалыгынын түзүмүндө контролдоо-инспекциялык кызматы жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жана биотүрдүүлүк бөлүмү түзүлгөн, анда мамлекеттик кызматкерлер болуп эсептелген бөлүм башчы, жетектөөчү адис кызмат орду каралган, ошондой эле 6 аңчы (охотовед) штаттык бирдиги, 5 егерь штаттык бирдиги каралган. Ошондой эле, Ош регионалдык башкармалыгынын түзүмүндө контролдоо-инспекциялык кызматы жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жана биологиялык ар түрдүүлүк бөлүмү түзүлгөн, анда мамлекеттик кызматкерлер

болуп эсептелген бөлүм башчынын, жетектөөчү адистин кызмат орундары, ошондой эле аңчылардын 7 штаттык бирдиги, егерлердин 7 штаттык бирдиги каралган.

2022-жылдын 16-декабрындагы №276-п ЖРЭТКМдин буйругуна ылайык Ош-Жалал-Абад регионалдык башкармалыгынын түзүмүндө 2 контролдук-инспекциялык кызмат (Ош жана Жалал-Абад облустары боюнча) жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жана биологиялык ар түрдүүлүк боюнча 2 бөлүм (Ош жана Жалал-Абад облустары боюнча) бар, аларда мамлекеттик кызматкерлер болуп эсептелген бөлүм башчынын 2 штаттык бирдиги, жетектөөчү адистердин 2 штаттык бирдиги, ошондой эле Жалал-Абад облусу боюнча аңчылардын 6 штаттык бирдиги, егерлердин 5 штаттык бирдиги, Ош облусу боюнча аңчылардын 8 штаттык бирдиги егерлердин 6 штаттык бирдиги каралган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө", токтомунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомунун №3, №4 тиркемелерине ылайык, мамлекеттик органдардын башкаруу түзүмүндө "Кызматты" түзүү каралбайт.

Мындан тышкары, жогоруда аталган токтомдорду бузуу менен "Секторду" түзүү керек болгон учурда мамлекеттик кызматкерлердин эки штаттык бирдигинен турган бөлүмдөр негизсиз түзүлгөн.

**Корутунду**

КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө", токтомунунун №3, №4 тиркемелерине, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомдорун бузулуп, Ош-Жалал-Абад аймактык башкармалыгында контролдук инспекциялык кызмат негизсиз түзүлгөн.

Мындан тышкары, "Секторду" түзүү керек болгон учурда мамлекеттик кызматкерлердин эки штаттык бирдигинен турган бөлүмдөр негизсиз түзүлгөн.

**Сунуштама**

Аймактык башкармалыктардын штаттык ырааттамасы жана түзүмү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын

15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна ылайык келтирилсин.

**Аныкталды**

Жалал-Абад аймактык башкармалыгынын (мындан ары-АБ) 2020-жылдын 25-июнундагы №01-11/28 "Жумуш орундарын аттестациялоо комиссиясын бекитүү жөнүндө" буйругуна ылайык АБнын кызматкерлеринин курамынан комиссия түзүлгөн. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун 6-пунктун бузуу менен аттестациялык комиссиянын курамына эмгекти коргоо боюнча адис жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери киргизилген эмес.

Жогорудагы №01-11/28 буйрук 25.06.2020-жылы чыгарылган, ал эми №1589-1611 "ПЭЭМдын электр магниттик талааларынын деңгээлин өлчөө" протоколу 22.06.2020-жылы түзүлгөн.

Мындан тышкары, АБнын 25.06.2020-жылдагы №01-11/29 буйругу менен төлөмдөр 2020-жылдын 1-июнунан баштап жүргүзүлүшү керек деп белгиленген.

Ошондой эле 3 кызматкерге кошумча акы жогоруда аталган Жобонун 9-пунктун бузуу менен, б.а. жетекчинин буйругу жок төлөнгөндүгүн белгилей кетүү зарыл.

Жогоруда баяндалгандардан улам кошумча төлөөлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптарын бузуу менен төлөнгөн. Анын натыйжасында, 2020-жыл үчүн 433,8 миң сом кошумча төлөм түрүндө негизсиз төлөнгөн.

Ошол сыяктуу эле, 16.02.2021-жылдагы буйруктун негизинде Жалал-Абад аймактык башкармалыгынын кызматкерлеринин курамынан комиссия

түзүлгөн. Мында, жогоруда аталган Жобонун 6-пункутун бузуу менен аттестациялык комиссиянын курамына эмгекти коргоо боюнча адис жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери киргизилген эмес.

Аттестациянын жыйынтыгы боюнча 28.07.2021-жылдагы №01-11/32-буйруктун 1-тиркемесинде 18 кызматкерге кошумча акы белгиленген.

Бирок, эмгек акыны эсептөө ведомостторуна ылайык жогоруда аталган Жобонун 9-пунктун бузуу менен иш жүзүндө чегерүү жана төлөө 43 кызматкерге жүргүзүлгөн, анда 2021-жыл үчүн негизсиз төлөмдөрдүн жалпы суммасы 516,6 миң сомду түзгөн, ошондой эле 01.08.2022-жылга чейинки мезгилде 460,0 миң сом негизсиз төлөнгөн. Бардыгы болуп 1 410,4 миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун 6, 9-пункттарын бузуу менен 1 410,4 миң сом суммасында кошумча акылар негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Аттестациялык комиссиянын курамына эмгекти коргоо боюнча адисти жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адисин, ошондой эле жетекчинин буйругун киргизүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды**

Аудит тарабынан штаттык ырааттамада 2022-жылдын 1-августуна чейин эмгегине акы төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 “Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун негизинде ишке ашырылган Жалал-Абад облусу боюнча 7 аңчы (охотовед) штаттык бирдиги, 6 егерь штаттык бирдиги жана Ош облусу боюнча 7 аңчы штаттык бирдиги, 7 егерь штаттык бирдиги бар экендиги аныкталган.

2022-жылдын 1-августунан тартып эмгек акы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун 15-тиркемесине ылайык ишке ашырылган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын жогоруда аталган ченемдик укуктук актылары токой жана аңчылык чарбасынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөнү карайт, ал эми аңчылар жана егерлер б.а. Ош-Жалал-Абад регионалдык башкармалыгынын кызматкерлери токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлери болуп эсептелбейт. Токой жана аңчылык чарбалары, мамлекеттик жаратылыш коруктары жана мамлекеттик жаратылыш парктары өзүнчө мекемелер болуп саналат.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 "Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 15-тиркемесинде каралган ченемдер токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлери үчүн белгиленген. Ошентип, аңчылардын жана егерлердин эмгегине акы төлөө эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актысыз жүргүзүлгөн, анда 01.10.2021-жылдан 31.12.2022-жылга чейинки мезгилде 6 254,7 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

ЖРЭТКМдин аймактык башкармалыктарынын штаттык ырааттамаларында турган аңчылардын жана егерлердин эмгегине акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук акты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгеленсин.

**Ош аймактык башкармалыгы**

**Аныкталды**

Аудит тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" жыл ичинде эмгек акы төлөө фондунун үнөмдөлгөн каражаттарын мамлекеттик жарандык кызматчыларга дем берүүчү төлөөлөргө жумшоону караган токтомдун 5-пункту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №849 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна ылайык **күчүн жоготкондугуна** карабастан

ЖРЭТКМнин 30.12.2021-жылдагы №02-тф/20 телефонограммасынын негизинде, Ош аймактык башкармалыгынын 30.12.2021-жылдагы №58-п буйругу менен үнөмдөлгөн каражаттын эсебинен кызматкерлерге 483,7 миң сом суммасында сый акы төлөнүп берилгендиги аныкталган.

**Корутунду**

Ошентип, Ош АБнын кызматкерлерине 483,7 миң сом суммасындагы сыйлыктар негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Ош аймактык башкармалыгынын кызматкерлерине 483,7 миң сом суммасындагы сыйлыктарды негизсиз төлөөгө жол берген жетекчилерге карата чара көрүүнү сунуштайт.

**"Кыргыз-Ата" мамлекеттик жаратылыш паркы (мындан ары – МЖП)**

**Аныкталды**

Ижаралык мамилелер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-октябрындагы №677 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин пайдалануунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин пайдалануунун тартиби жөнүндө жобого ылайык жөнгө салынат.

Жогоруда аталган жобонун 20-пунктуна ылайык мамлекеттик жаратылыш парктарынын режимдик зоналарындагы жер участоктору конкурстук негизде убактылуу пайдаланууга берилет. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

Иш жүзүндө конкурстар негизсиз өткөрүлөт, анткени конкурсту өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган эмес. Ошону менен бирге ижара акысынын өлчөмү ченемдик укуктук актылар менен бекитилген эмес.

**Корутунду**

"Кыргыз-Ата" МЖПнын жер участокторун ижарага берүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-октябрындагы №677 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин пайдалануунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин пайдалануунун тартиби жөнүндө жобонун 20-пункутун мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин ижарага берүү боюнча конкурс өткөрүүнүн тартибин аныктоочу ЧУА жоктугу бөлүгүндө бузуу менен ишке ашырылат.

Ижара акысынын өлчөмдөрү, ижарага берүүнүн тартиби аныкталбагандыгына байланыштуу ижара төлөмдөрүнүн туура коюлгандыгын аныктоо мүмкүн эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин ижарага берүү боюнча конкурс өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук акты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгеленсин.

**Аныкталды**

2019-жылы бийик тоолуу аймактар үчүн (6 кызматкер) 111,9 миң сом компенсация жана райондук коэффициентке (10 кызматкер) 109,8 миң сом кошумча акы төлөнгөн. Жалпысынан 221,7 миң сом төлөнгөн

2020-жылы бийик тоолуу аймактар үчүн (6 кызматкер) 119,6 миң сом компенсация жана райондук коэффициентке (10 кызматкер) 114,1 миң сом кошумча акы төлөнгөн. Жалпысынан 229,5 миң сом төлөнгөн

2021-жылы бийик тоолуу аймактар үчүн (5 кызматкерге) 112,5 миң сом компенсация жана райондук коэффициентке (10 кызматкерге) 56,1 миң сом кошумча акы төлөнгөн. Бардыгы болуп 168,7 миң сом төлөнгөн.

2022-жылы бийик тоолуу аймактар үчүн (5 кызматкер) 145,6 миң сом компенсация төлөнгөн. жана райондук коэффициентке кошумча төлөө (3 кызматкер) 61,1 миң сом. Бардыгы болуп 206,8 миң сом төлөнгөн.

Аудит жүргүзүү мезгилинде бардыгы болуп бийик тоолуу аймактар үчүн компенсациялар жана райондук коэффициентке кошумча төлөмдөр 826,4 миң сомду түздү.

Көрсөтүлгөн төлөмдөр Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 28-июнундагы №33 “Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы райондорунда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтомун бузуу менен ишке ашырылган.

МЖПнын администрациясынын имараты Кыргыз Республикасынын Ноокат районунун, Зулпуев айыл аймагынын Атамерек айылында жайгашкандыгына байланыштуу бийик тоолуу райондорунда жайгашкан калктуу конуштарга кирбегендиктен эмгек акысына жогоруда көрсөтүлгөн үстөктөрдү алган кызматкерлер Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы райондорунда иштегендердин категориясына кирбейт.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 28-июнундагы №33 “Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы райондорунда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтомун бузуу менен жүргүзүлгөн 826,4 миң сом

суммасындагы бийик тоолуу аймактар үчүн төлөмдөр жана райондук коэффициентке кошумча төлөмдөр негизсиз болуп саналат. Ошондой эле МЖПнын администрациясынын имараты Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу райондорунда жайгашкан калктуу конуштарга кирбеген Ноокат районунун, Зулпуев айыл аймагынын Атамерек айылында жайгашкан.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын "Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" токтомунун ченемдерин бузуу менен, бийик тоолуу аймактар үчүн, 2019-жылдан тартып 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында 826,4 миң сом суммасындагы компенсацияларды жана райондук коэффициентке кошумча төлөмдөрдү төлөгөндүктөрү үчүн жетекчилерге карата чара көрүүнү сунуштайт.

**ЖРЭТКМге караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук мамлекеттик инспекциясынан өтүп жаткан дебитордук карыз 2013-2015-жылдар аралыгында пайда болгон, *анын ичинде "Чыгыш электр" ААК - 1 200,0 миң сом жана "Ош электр" ААК-3 234,6 миң сом.* Атайын эсеп 2015-жылы жабылгандан кийин дебитордук карыздар өз милдеттеринен баш тартпаган жана карызды этап-этабы менен төлөөгө даяр болгон, энергокомпаниялардан чегерүүлөр толугу менен республикалык бюджетке которулуп турган. Азыркы учурда энергокомпаниялардын жоюлушуна байланыштуу укук мураскерлери болуп дебитордук карыздарды тааныган жана өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу актыларына кол койгон "КУЭТ" ААКнын ИЭТИ (Чыгыш электр) жана ОЭТИ (Ош электр) саналат.

**Сунуштама**

4434,6 миң сом суммасындагы дебитордук карызды Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика көзөмөл кызматына өткөрүп берүү же аталган кызмат менен бул сумманы республикалык бюджетке биргелешип өндүрүп алуу маселеси каралсын.

**ЖРЭТКМге караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти**

**Аныкталды/Корутунду**

Департаментте 2021-жылда товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарына жана бюджеттик каражаттар боюнча эсептөөлөрдө 109,7 миң сомго, ошондой эле атайын каражаттар боюнча

каражаттардын калдыктарынын ашып кетишине 77,0 миң сом суммасына жол берилген, алар 2022-жылы эсепке алынган.

Ошондой эле 2022-жылы товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарына жана бюджеттик каражаттар боюнча эсептөөлөрдө 253,7 миң сомго, атайын каражаттар боюнча 192,8 миң сомго каражаттардын калдыктарынын ашып кетишине жол берилген, алар 2023-жылы эсепке алынган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

31.12.2021-жылга карата суммасы 39 997,8 миң сом болгон атайын эсеп боюнча мөөнөтү өткөн дебитордук карыз бар.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-январындагы №40 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиктин Атайын эсеби тууралуу жобону бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген жобонун 8 жана 9-пункттарына ылайык КР ӨЭЖМК (ГКПЭН) тарабынан ведомстволук ишканаларга кайтарымдуу каржылык жардам берилген жана 31.12.2022-жылга карата эсеп боюнча кайтарылбаган каржылык жардамдын калдыгы **29 477,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.01.2016-жылдын №40 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин Атайын эсеби жөнүндө" жобонун акы төлөнүүчү финансылык жардамды өз убагында кайтарып берүү бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

## ЖРЭТКМге караштуу"Кыргызгеология"мамлекеттик ишканасы ("Кыргызгеология" МИ)

Инвентаризациянын натыйжасында төмөндөгүлөр жок экендиги аныкталды:

- ХУ Т-42 бургулоочу жабдуу (баланстык наркы 1 430 088,5);
- Урал-4320-УКБ-4С автоунаасы (баланстык наркы 37 297,32 с.);
- чопо аралаштыргыч, АНБ-22 насосу, ширетүүчү аппарат, бургулоочу штанга;
- Компрессор ПР-10 (баланстык наркы 34 687,80);
- №10 турак вагон (баланстык наркы 28 728 сом);
- СКБ -5,4 бургулоочу станогу (баланстык наркы 180 810 сом);

- ДЭМЭС-104 дизелдик электр станциясы (баланс. баасы 150 080 с);
- ВП-20/8 компрессору (балanстык наркы 59 148,82 сом);
- ПГЭС микро ГЭСи (балanстык наркы 109 441,72 сом);
- Жүктөөчү машина 2012 (балanстык наркы 199 342,10 сом);
- 2511-12 бөлүштүрүү пункту (балanстык наркы 5 613,30 сом);
- ХУ -1500 станогу (балanстык наркы 518 813,57 сом);
- КНР лебедкасы (балanстык наркы 48 956 сом);
- ВП-20/8 компрессору (балanстык наркы 59 148,82 сом);
- УАЗ-31512 автоунаасы (0391SC) (балanстык баасы 90 125 сом);
- Камаз-4310 (балanстык наркы 115 000,40 сом);
- Трактор ДТ-75 (балanстык наркы 80 000 сом).

*Бардык жетишпеген мүлк боюнча материалдар укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилип, алар боюнча чечим кабыл алынган:*

- Ысык-Ата районунун ИИБ сотко чейинки өндүрүштү токтотуу: ПР-10 компрессору, СКБ-5,4 бургулоочу станогу, ДЭМЭС-104 дизелдик электр станциясы, ВП-20/8 компрессору, ПГЭС микро ГЭСи, жүктөөчү машина 2012, 2511-12 бөлүштүрүү пункту, ХУ -1500 станогу, КНР лебедкасы, ВП-20/8 компрессору;
- Ысык-Ата районунун ИИБсы материалдар Аламүдүн районунун ИИБге өткөрүлүп берилген, сотко чейинки өндүрүш жүргүзүлүүдө: ХУ Т-42 бургулоочу станогу, Урал-4320-УКБ-4С автомашинасы, чопо аралаштыргыч, АНБ-22 насосу, ширетүүчү аппарат, бургулоочу штангалар, №10 турак вагон;
- Каракол шаардык сотунун чечими менен күнөөлүү адам УАЗ автоунаасын жок кылгандыгы үчүн 90 125 сом акча каражатын которуу жолу менен келтирилген зыяндын ордун толтурду;
- Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун чечими менен күнөөлүү адам Адыл уулу Максат Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 200-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунда (Камаз-4310, Трактор ДТ-75 уурдоо) каралган кылмыш жасады деп табылган.

**Аныкталды**

Мамлекеттик буюртма боюнча “Кыргызгеология” МИ тарабынан аткарылган иштердин жалпы суммасы 2021 - жылы 12 109,0 миң сомду, 2022-жылы 14 729,6 миң сомду же 24-28%% чегинде гана түзгөн.

Партиялардын башчылары тарабынан иштерди аткаруу планына ылайык келишимдик иштерди өз убагында аткаруу боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлбөйт, жогору турган жетекчилик тарабынан контролдун начардыгы байкалат.

ЖРЭТКМге караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти (буюртмачы) “Кыргызгеология” МИнин (аткаруучу) келишимдик иштеринин аткарылышына тийиштүү контролду жүргүзбөйт жана өз убагында каржылоо боюнча чараларды көрбөйт, бул иштердин баасын индексациялоосуз (жана инфляциянын өсүшүнүн эсебинен долбоорлордун кымбатташына) долбоорду создуктурууга алып келет.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин алдындагы Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти долбоорлорго мамлекеттик тапшырыкты түзүүдө 3-5 жыл аралыгында долбоорлорду ишке ашыруу мөөнөттөрүн эске алуу менен, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кымбатташын жана баалардын өсүшүн (инфляцияны) эске алуу менен бюджетти түзсүн.

**Аныкталды**

“Кыргызгеология” МИ Бишкек ш., Эркиндик көч., 2 дарегиндеги имаратта жайгашкан, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына таандык. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу “Мамлекеттик имараттар департаменти” мамлекеттик ишканасы менен 2022-жылдын 10-январында жалпы аянты 1457,1 м2 имараттын коммуналдык кызматтарын жана эксплуатациялык чыгымдарын бир жыл үчүн 3 331,1 миң сом суммасында (комкызмат 270 598,04 сом+мүлк салыгы 6 994,08 сом) төлөө жөнүндө №1 келишим түзүлгөн. Бул аянтты кызматтык кабинеттер, картография, Геология жана жер казынасын пайдалануу китепканасы, Геология жана минералогия музейи түзөт. Китепкананын, музейдин жана картографиянын ресурстарын жарандар, студенттер, ошондой эле **ЖРЭТКМ** жана министрликтин алдындагы Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти пайдаланышат.

Мында, айына 120,8 миң сом ижара акысы менен картографиянын, Геология жана жер казынасын пайдалануу китепканасынын, Геология жана минералогия музейинин аянты 553 м2, түзөт жана “Кыргызгеология” МИ тарабынан төлөнөт, бирок бул ресурстарды бир эле мезгилде **ЖРЭТКМ** жана Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти пайдаланышат.

“Кыргызгеология” МИ Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы “Аукциондук борбор” мамлекеттик мекемесинин чечимине ылайык жайларды жана имараттарды ижарага берет:

- “Эврика" билим берүү комплекси” мекемесине (Ош ш. аянты 1 383,71 кв. метр балдар бакчасынын имаратын ижарага алат), 14.12.2018-жылдан баштап ижара мөөнөтү 10 жыл, айлык ижара акысы 151 000,0 сомду түзөт. 31.12.2022-жылга карата 2 257,8 миң сом суммасында карызы бар.
- Э.Нурумбетовго (Ош ш. аянты 45,6 кв. м. жайды ижарага алат), 01.02.2021-ж. баштап ижара мөөнөтү 14 ай, ай сайын ижара акысы 7 368,48 сом. 31.12.2022-жылга карата 58,5 миң сом өлчөмүндө карызы бар.
- Б.Эсеналиевге (Ош ш. аянты 57,2 кв. м. жайды ижарага алат), 03.02.2021-ж. баштап ижара мөөнөтү 14 ай, ай сайын ижара акысы 9242,24 сом. 31.12.2022-жылга карата 55,9 миң сом өлчөмүндө карызы бар.

- А. Анвардиновго (Ош ш. аянты 22,9 кв.м. жайды ижарага алат), 01.12.2021-ж. баштап ижара мөөнөтү 1 жыл, ай сайын ижара акысы 3000 сом. 31.12.2022-жылга карата 11,9 миң сом өлчөмүндө карызы бар.

“Кыргызгеология” МИнын Бишкек шаарындагы (Бишкек геологиялык-чалгындоо техникасынын тажрыйбалык-эксперименттик заводу) ижарага берилген аянттарын жана имараттарынын жана курулмаларынын максаттуу пайдалануусун текшерүүнүн натыйжасында “Смарт хаус групп” ЖЧК, “Сити Строй” ЖЧК, Акматов К.А., “Мебиус групп” ЖЧК, “Джетекс групп” ЖЧК ижарачылары тарабынан келишимдик милдеттенмелерди одоно бузуулар аныкталган.

Аныкталган бузууларга байланыштуу, аудит жүргүзүү учурунда “Кыргызгеология” МИнын 2023-жылдын 24-майындагы №01-6/46 “Комиссия түзүү жөнүндө” буйругу чыгарылган жана 25-майдан 26-майга чейинки мезгилде Бишкек шаардык геологиялык-чалгындоо техникасынын тажрыйбалык-эксперименталдык заводунда (мындан ары-БГЧТТЭЗ) ижарага берилген аянттар боюнча иштин чыныгы абалын аныктоо жана жайлардын максаттуу пайдалануусун комиссиялык текшерүү жүргүзүлгөн.

Комиссиялык текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөндөгү бузуулар аныкталды:

- Ош ш. Э. Нурумбетов менен (келишим №15/1 01.03.2021-жылдан 31.05.2022-жылга чейин), Б. Эсеналиев менен (келишим №16/1 01.03.2021-жылдан 31.05.2022-жылга чейин) жана А. Анвардинов менен (келишим №111-жылдан 01.12.2021-жылга чейин 01.12.2022) келишимдин мөөнөттөрү бүткөн;

- Бишкек шаарында “Сити-Строй” ЖЧКсы менен (келишим №122 01.02.2018-жылдан 01.02.2019-жылга чейин), “Смарт-Хаус” ЖЧКсы менен (келишим №635 15.08.2019-жылдан 18.09.2022-жылга чейин), “Джетекс-Групп” ЖЧКсы менен (келишим №2 01.11.2019-жылдан 01.11.2022- жылга чейин), “Джетекс –Групп” ЖЧКсы менен (келишим №115 08.04.2020-жылдан 08.04.2023-жылга чейин) келишимдердин мөөнөттөрү бүткөн;

- “Смарт хаус групп” ЖЧКсы (бөлмөнүн аянты 68 кв.м.), имарат иш жүзүндө субижарачылар тарабынан пайдаланылат, өзүм билемдик менен 40 тонналык деңиз кургак жүк контейнерин орноткон; коңшу жайлардын эшиктерин өзүм билемдик менен тешип өткөн жана имаратты 73 кв. м. мыйзамсыз көбөйткөн, мында ижара үчүн тийиштүү акы төлөбөйт. Имаратты ижарага алуу үчүн 161,2 миң сом өлчөмүндө төлөнбөгөн карызы бар, жер участогун контейнер коюп мыйзамсыз пайдаланган, буга байланыштуу 11 250 сом суммасындагы жерди ижарага берүү үчүн 12 айга ижара акысы төлөнүшү керек;

- "Сити Строй" ЖЧК өз билемдик менен заводдун аймагына 40 тонналык деңиз кургак жүк контейнерин орноткон жана тиешелүү төлөмдөрдү төлөбөйт. Текшерүү учурунда имараттын ижара акысы үчүн 15,3 миң сом карызы төлөндү. Жер участогун мыйзамсыз пайдаланган контейнер

орнотулган үчүн жерди ижарага берүү үчүн 11 250 сомго 12 айга ижара акысы төлөнүшү керек;

- К.А. Акматов ижара акысы үчүн 19,4 миң сом өлчөмүндө карызы бар. Өзүм билемдик менен курулган бастырмалар үчүн пайдаланылган участоктор үчүн акы төлөбөйт жана аянты 52,17 кв. м. жер участогун мыйзамсыз пайдаланат, контейнер орнотуп жер участогун мыйзамсыз пайдаланат, ушуга байланыштуу 18 781,2 сом суммасындагы жерди ижарага берүү үчүн 12 айга ижара акысы төлөнүшү керек;

- “Мебиус групп” ЖЧКсы келишимдик милдеттенмелерди бузуу менен жайды субижарага тапшырат жана субижарачыдан 12 000 сом өлчөмүндө ижара акысын алат (иттер жана мышыктар үчүн тамак даярдоо), жайды ижарага алгандыгы үчүн 263,9 миң сом өлчөмүндө төлөнбөгөн карызы бар;

- “Джетекс групп” ЖЧКсы (№935/185 келишими) келишимдик милдеттенмелерди бузуу менен жайды субижарага тапшырат жана тамак-аш өндүрүү үчүн субижарачыдан 12 000 сом өлчөмүндө ижара акысын алат. Жайды ижарага алуу үчүн 100,9 миң сом өлчөмүндө төлөнбөгөн карызы бар;

- “Джетекс групп” ЖЧКсы (келишим №2) келишимдик милдеттенмелерди бузуу менен имараттын түз пайдалануу багытын бузуп, иш жүзүндө мейманкананын ордуна кафе-паб иштейт, имаратты өзү билемдик менен субижарага берет жана субижарачылардан ижара акысын алат, өзүм билемдик менен коргондоп жана жалпы 197,6 кв.м. аянтты жайкы кафе катары пайдаланат, жер участогун ижарага алууга укуктук негиздери жана тиешелүү документтери жок. Ошентип, КР ЭМнин 24.02.2020-жылдагы №38 буйругуна ылайык жердин ижарасы айына 129 230,47 сомду түзөт. Имаратты ижарага алгандыгы үчүн 1 879,2 миң сом өлчөмүндө төлөнбөгөн карызы бар, жер участогун мыйзамсыз пайдаланган контейнер менен, буга байланыштуу жерди ижарага берүү үчүн 71 136 сом 12 айга эсеп коюу зарыл;

- “Джетекс групп” ЖЧКсы (келишим №115) келишимдик милдеттенмелерди бузуу менен имараттын түз багытын бузуп офистин ордуна иш жүзүндө кафе-паб иштеп жатат; жайды ижарага алуу үчүн 290,0 миң сом өлчөмүндө төлөнбөгөн карызы бар;

- БГЧТТЭЗ аймагында эч кандай документтери жок (ижара келишими, сактоо келишими ж.б.) мамлекеттик номери Е1527В Мерседес-Бенц унаасы, 3 м3 суу үчүн темир идиш, 40 тн деңиз кургак жүк контейнери, металл түтүктөр, 2,5х2,5 өлчөмүндөгү темир контейнер, металл конструкциялар (фермалар, бурчтар, түтүктөр), көчмө стоматология менен жабдылган фура чиркегичи, чанадагы араба, 8083 ВВ мамлекеттик номери (Ак Горняк эмблемасы менен) “Днепр” автокраны бар.

**Корутунду**

Ижарачылар тарабынан Кыргыз Республмкасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобонун 10, 11, 12, 96-пункттары одоно бузулган.

Айына 120,8 миң сом ижара акысы менен Картографиянын, Геология жана жер казынасын пайдалануу китепканасынын, Геология жана минералогия музейинин аянты 553 м2, түзөт жана “Кыргызгеология” МИ тарабынан төлөнөт, бирок бул ресурстарды бир эле мезгилде **ЖРЭТКМ** жана Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти пайдаланышат.

Ошентип, 2021-2022-жылдар аралыгында имараттарды, жайларды жана курулмаларды ижарага берүүдөн 9 016,2 миң сом түшүшү керек болсо 3 936,9 миң сом түшкөн. 31.12.2022-жылга карата 5 079,3 миң сом суммасында карыз бар.

Мындан тышкары, мыйзамсыз жер участокторун пайдалануу үчүн ижара акысы 112,4 миң сомду түздү. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобого ылайык ижара акысынын 30% республикалык бюджетке которулат, ал 2 704,9 миң сомду (9016,9 x 30% = 2704,9 м. с.) түздү.

**Сунуштама**

1. Мамлекеттик мүлктүн ижарачыларынын 5 079,3 миң сом суммасындагы карыздарын жоюу жана 112,4 миң сом суммасындагы жер участокторун мыйзамсыз пайдалангандыгы үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн.
2. Ижара акысынын 30 %ы - 2 704,9 миң сом республикалык бюджетке которулсун.
3. Ижара келишимдерине текшерүү жүргүзүлсүн жана анын жыйынтыктары боюнча ижарачылар менен келишимдер кайра түзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

31.12.2022-жылга карата кызматкерлердин дебитордук карызы 1 389,2 миң сомду түзөт. Ири дебитор болуп 220,7 миң сом өлчөмүндө Т.А. Абдурахманов эсептелет. Т.А. Абдурахмановду кошпогондо, аудиттин жүрүшүндө калган дебиторлор тарабынан карыз жоюлган.

“Кыргызгеология” МИнин Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттигине (азыркы КР Жаратылыш ресурстар, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти) алты мамлекеттик ишкананы бириктирүү процессинде пайда болгон техника жана жабдууларды сатып алууга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар үчүн 28 392,4 миң сом суммасындагы кредитордук карызы бар.

Ошондой эле “Жаратылышты өнүктүрүү Фонду" Коомдук фондунан акча каражатын насыяга алгандыгы үчүн 22 000,0 миң сом суммадагы карызы бар. “Кыргызгеология” МИнын директору Чолпонкулов М. А. 2021-жылдын 22-октябрындагы чыг. №01-103 кат менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси А. У. Жапаровго Мамлекеттик салык кызматынан жана Соцфонддон, эмгек акы жана башка төлөмдөр боюнча карыздарды жоюу үчүн 30 млн. сом

өлчөмүндө ссуда берүүгө көмөк көрсөтүү жөнүндө кайрылган, бул мамлекеттик заказдар боюнча конкурстарга катышууга мүмкүндүк бермек. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси А.У.Жапаровдо 2021-жылдын 1-ноябрындагы өткөн кеңешменин №26-33 протоколуна ылайык, КР Финансы министрлигине КР Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги менен биргеликте бир айлык мөөнөттө "Кыргызгеология" МИге бюджетке милдеттүү төлөмдөр боюнча (Соцфонд жана салыктар боюнча карыз) биринчи кезектеги карыздарын жоюу үчүн 79,0 млн.сомдон ашык ссуда бөлүүдө көмөк көрсөтүүсү тапшырылган.

"Кыргызгеология" МИнын директору Чолпонкулов М. А. 2021-жылдын 22-октябрындагы №01-136 катында "Жаратылышты өнүктүрүү Фонду" Коомдук фондунун директоруна 30,0 млн. сом өлчөмүндө акча каражатын бөлүп берүү өтүнүчү менен кайрылган, ал каражат займ келишимине ылайык кайтарып берүү шарты менен келип түшкөн, алардын чечмелениши төмөнкүдөй:

Түшүүлөр:
- 1-транш – 30 000,0 миң сом;
- 2-транш – 7 000,0 миң сом;
- 3-транш – 2 431,0 миң сом.

Чыгымдар:
– Соцфонд - 9 342,6 миң сом;
– Салыктар - 10 083,8 миң сом;
– Эмгек акы - 15 305,0 миң сом;
- Башкалар – 2 268,6 миң сом.

Кайтарылганы – 17 431,0 миң сом.

Займ боюнча карыз - 22 000,0 миң сом.

**Сунуштама**

1. Кызматкер Т.А. Абдурахмановдон 220,7 миң сом суммасындагы дебитордук карызды өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

2. "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасы, Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин алдындагы Геология жана жер казынасын пайдалануу департаментинин алдындагы 28 392,4 миң сом суммасындагы карызын жоюу боюнча чараларды көрсүн.

3. "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасы, "Жаратылышты өнүктүрүү Фонду" коомдук фондуна 22 000,0 миң сом суммасындагы займ каражаттарын кайтаруу боюнча чараларды көрсүн.

**"Кыргызгеология" МИнын "Инженердик гидрогеология" филиалы (мындан ары-Филиал)**

**Аныкталды**

2021-жылдын 6-декабрында "Элима Компани" ЖЧКсы менен филиалдын ортосунда Бишкек шаары, "Балалык" жана Кыргызстан менен

Азербайжан элдеринин достугу сейил бактары эс алуу зоналары дареги боюнча № 07/12 скважинасын болжол менен 210 метр тереңдикте бургулоого келишими түзүлгөн. Бул келишимдин 3.1 - пункутуна ылайык кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы баасы 4 810,0 миң сомду түзөт.

Бургулоо процессинде 117 метр тереңдикте долотону кармап калуу менен авария болгон. Андан ары бургулоону улантуу мүмкүн болбой калгандыктан, келишимдик милдеттенмелер Филиал тарабынан аткарылган эмес.

Сокулук райондук сотунун 2022-жылдын 1-декабрындагы аныктамасы менен доону камсыз кылуу үчүн Филиалга таандык “РСК Банк” ААК Сокулук филиалында жайгашкан №1290113230404219 эсеп счетуна 2 889,0 миң сом суммасында камак салынган.

Андан соң “Элима Компани” ЖЧК сотко филиалдан тарткан зыяндын ордун толук толтуруу жөнүндө доо арыз менен кайрылган: “Элима Компани” ЖЧКнын пайдасына 2 889,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты, өкүлдүн жардам кызматын төлөө боюнча чыгаша 80,0 миң сом, 89,7 миң сом суммасындагы төлөнгөн мамлекеттик алым өндүрүлсүн.

Сокулук райондук сотунун жарандык иш боюнча 2023-жылдын 25-январындагы №ГД 2967/22-Ч6, ГД-2967/22-Ч6 (СГ-540/22-Ч6) а-ч-05-215-23-ГД чечимдери менен “Элима Компани” ЖЧКнын Филиалга карата келтирилген зыяндын ордун толук толтуруу жөнүндө доо талаптары канааттандырылган.

**Корутунду**

Келишимдик милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн соттун чечимдери менен буюртмачы “Элима Компани” ЖЧКнун пайдасына Филиалдан 3 058,0 миң сом өндүрүлгөн. Филиалда акча каражаттарынын жоктугуна, ошондой эле Филиалдын “РСК Банк” ААК Сокулук филиалындагы эсебине камак салынгандыгына байланыштуу соттун чечими аткарылган эмес.

**Сунуштама**

“Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын жетекчилиги, “Инженердик гидрогеология” филиалынын чарбалык ишин андан ары улантуу мүмкүн эместигине байланыштуу, Социалдык фондго жана салыктар боюнча туумдарды чегерүүнү улантууну токтотуу максатында, филиалдын андан аркы ишинин маселесин карасын.

**“Кыргызгеология” МИнин “Ош гидрогеологиялык партиясы” Түштүк филиалы (мындан ары – “ОГГП” ТФ)**

**Аныкталды**

2021-2022-жылдарга штаттык ырааттама “Кыргызгеология” МИ тарабынан бекитилген эмес. Жогоруда көрсөтүлгөн мезгилде “ОГГП” ТФ 01.04.2020-жылдагы №05-2/3 буйрук менен бекитилген жана “Кыргыз комплекстүү гидрогеологиялык экспедициясы” МИ менен макулдашылган штаттык ырааттаманы жетекчиликке алган.

2021-2022-жылдарда жетекчиликке алынган 2020-жылдын штаттык ырааттамасында тиешелүү ченемдик укуктук актылар, локалдык актылар же экономикалык ченемдер менен квалификация үчүн кошумча акы каралган эмес.

“Кыргызгеология” МИ тарабынан 2021-2022-жылдарга карата штаттык ырааттама, эмгек мыйзамдарына ылайык эмгек акы төлөө шарттары жана “Кыргызгеология” МИнин жана кызматкерлер ортосундагы эмгек мамилелерин жөнгө салуучу башка локалдык укуктук актылар бекитилген эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №338 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө” токтому менен бекитилген “Кыргызгеология” МИнин Уставынын 29 пунктунун 8 пунктчасын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтому менен бекитилген “Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” жобонун 38-пунктунун 7-пунктчасынын талаптарын бузуу менен “Кыргызгеология” МИнин жетекчилиги тарабынан штаттык ырааттамалар, эмгек акы төлөө шарттары жана өлчөмдөрү бекитилген эмес, жыйынтыгында 709,8 миң сом квалификацияга кошумча түрүндө негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №338 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө” токтому менен бекитилген, “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын уставын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү жөнүндө” жобосунун, штаттык ырааттамасын, эмгек акынын шарттарын, өлчөмдөрүн бекитүү бөлүгүндө, ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

2.“Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” жобого ылайык штаттык ырааттаманы, эмгек акы төлөө шарттарын, өлчөмдөрүн жыл сайын бекитүүнү камсыз кылсын.

**“Кыргызгеология” МИнын “Алай геофизикалык партиясы” филиалы**

**Аныкталды**

2021-жылы 1538 талаа күнү үчүн 769,0 миң сом суммасында талаа камсыздоосу төлөнгөн, бул күнүнө 500 сомду түзөт.

2022-жылы 618 талаа күнү үчүн 309,0 миң сом суммасында талаа камсыздоосу төлөнгөн, бул күнүнө 500 сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 18-мартындагы №154 “Иштин өзгөчө мүнөзүнө байланыштуу кепилдиктер жана компенсациялар жөнүндө” токтому менен бекитилген “Талаада иштегендиги үчүн акы төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө” жобонун 4-пунктунун "а" пунктчасына ылайык талаа иштерин аткаруу объектилеринде (участкаларда) – суткасына 170 сом өлчөмүндө төлөнөт.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 166-беренесине ылайык жамааттык келишимде талаа иштери үчүн 100 сом өлчөмүндө акы төлөө каралган.

Ошентип, 2021-жылы 415,3 миң сом төлөнүшү керек болсо, мында ашыкча төлөө эсеп менен 353,7 миң сомду (769,0-415,3) түздү.

2022-жыл үчүн 166,9 миң сом төлөнүшү керек болсо, мында ашыкча төлөө эсеп менен 142,1 миң сомду (309,0-166,9) түздү.

Аудит мезгилинде бардыгы болуп ашыкча төлөө 495,8 миң сомду түздү.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 18-мартындагы №154 “Иштин өзгөчө мүнөзүнө байланыштуу кепилдиктер жана компенсациялар жөнүндө” токтому менен бекитилген “Талаада иштегендиги үчүн акы төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө” жобонун 4-пунктунун "а" пунктчасын бузуу менен талаа иштерин аткаруу үчүн 495,8 миң сом ашыкча төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 18-мартындагы №154 “Иштин өзгөчө мүнөзүнө байланыштуу гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө” токтому менен бекитилген, “Талаада иштегендиги үчүн акы төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө” жобонун ченемдерин бузуу менен, талааада иштегендиги үчүн акыны 495,8 миң сомго ашыкча төлөгөндүктөрү үчүн жетекчилерге карата чара көрүүнү сунуштайт.

**“Каратал-Жапырык” мамлекеттик жаратылыш коругу (мындан ары-МЖК)**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигинин маселелери жөнүндө” токтому менен министрликтин уставын, жобосун жана башкаруу схемасын бекиткен. Жогоруда аталган токтомдун 2-пункту менен Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин алдындагы Мамлекеттик коруктар, жаратылыш парктары жана заказниктер Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана

техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Мамлекеттик коруктар, жаратылыш парктары жана заказниктер болуп аталыштары өзгөртүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-отктябрынын №637 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Тартибинин 2-главасынын 2.4-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органынын аймактык бөлүмдөрү менен макулдашуу менен жогору турган орган тарабынан бекитилет. "Каратал-Жапырык" МЖК 2022-жылдын 14-январында кайрадан каттоодон өткөн. Түзүмү өзгөргөндүгүнө байланыштуу МЖК тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар Нарын монополияга каршы саясат бөлүмү менен 2023-жылдын 12-майында гана макулдашылган. Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу, аудит камтыган 2022-жыл үчүн МЖК тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтар монополияга каршы саясат боюнча аймактык орган менен макулдашылган эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрынын №637 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Тартибинин 2-главасынын 2.4-беренесин бузуу менен "Каратал-Жапырык" МИ монополияга каршы саясат боюнча аймактык органы менен макулдашылган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартиби жөнүндө" жобонун "Каратал-Жапырык" мамлекеттик ишканасы тарабынан акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтерин (бааларын) монополияга каршы саясат боюнча аймактык органы менен макулдашуу бөлүгүндө ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**"Кулун-Ата" мамлекеттик жаратылыш коругу (мындан ары-МЖК)**

**Аныкталды/Корутунду**

"Кулун-Ата" МЖКнын айрым иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеги)" токтому менен бекитилген кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесине кирет. Атап айтканда, "жаратылышты коргоочу, рекреациялык, илимий, эстетикалык, тарыхый-маданий жана агартуучулук мааниси бар өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын, мамлекеттик

токой фондунун, жаратылыш музейинин, экологиялык визит-борборлорунун, бекитилип берилген аңчылык жерлеринин объекттерине баруу”.

2021-жана 2022-жылдары “Кулун-Ата” МЖК Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Ош облустук бөлүмү менен 2016-жылдын 23-декабрында макулдашылган музейге кирүү үчүн гана акы төлөнүүчү кызматтарга баалардын прейскурантын колдонгон.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигинин маселелери жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлиги жөнүндө жобо, ошондой эле аны башкаруу схемасы бекитилген. Жогоруда аталган токтомдун 1-пунктунун 2-бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин алдындагы мамлекеттик коруктар Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин алдындагы мамлекеттик коруктар деп аталыштары өзгөртүлгөн. Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу “Кулун-Ата” МЖК көрсөтүлгөн кызматтарды ыйгарым укуктуу орган менен макулдашып, ошондой эле көрсөтүлгөн кызматтарга баалардын прейскурантын бекитүүсү зарыл болгон. Ошол эле учурда аудит камтыган 2021-2022-жылдарга аудит объекти тарабынан бул жол-жобо жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдагы 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” токтомунун баалардын прейскуранттарын бекитүү бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

### “Нарын” мамлекеттик жаратылыш коругу (мындан ары-МЖК)

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 3-майындагы №18 “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесинин 5-пунктуна ылайык өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын коргоонун тиешелүү режимин камсыз кылуу максатында аларда төмөнкүдөй зоналар түзүлөт: негизги же корук (өзөк зона), буфердик, корголуучу жана башкалар. Берилген маалыматтарга ылайык, негизги зонанын (өзөк зона) аянты 36 969 га же коруктун жалпы аянтынын 35% түзөт, буфердик зона жок жана корголуучу зона 68 550,5 га же коруктун жалпы аянтынын 65% түзөт.

Жогоруда аталган Мыйзамдын “Негизги түшүнүктөр” 2-беренесине ылайык “өзөк зонасынын” негизги же корук зоналары бул мамлекеттик жаратылыш коругунун жалпы аянтынын 75%нан кем эмесин түзгөн, анда бүткүл жаратылыш комплекси корголгон, экологиялык системалардын абалына мониторинг, илимий изилдөөлөр жана жаратылыш процесстеринин

табигый өнүгүүсүн бузбаган башка иш-чаралар жүргүзүлгөн экосистеманы калыбына келтирүү үчүн зарыл болгон аймактын участогу. Өзөк зонасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий корутундусу боюнча аныкталат жана айлана-чөйрөнү коргоонун республикалык органы тарабынан бекитилет.

Жогоруда аталган Мыйзамдын 14-беренесине ылайык МЖКнын аймагын иштөө зоналарына бөлүү 3 зонаны (өзөк зонасы; буфердик зона; жана коргоолуучу зона) бөлүү жолу менен жүзөгө ашырылат. Жогоруда аталган Мыйзамдын 2-беренесине ылайык "функциялык зоналарга бөлүштүрүү" бул, зоналардын чектеринде - өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын экологиялык системаларынын жана алардагы мамлекеттик жаратылыш-корук фондунун объекттеринин абалдарына, алардын калыбына келүүсүнө терс таасир этүүчү ар кандай иштерге тыюу салууну жана (же) чектөөнү караган өзүнчө зоналарды белгилөө.

"Нарын" МЖКда Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 3-майындагы №18 "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө" Мыйзамы кабыл алынгандан кийин жогоруда аталган Мыйзамдын 12-беренесинде каралган "өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагынын паспорту" мурдагы редакциясынын ордуна жана 14-беренесинде каралган бекитилген "функциялык зоналарга бөлүштүрүү схемасы" жок болгондугуна байланыштуу өзгөчө корголуучу аймактар сатыкка коюлчу, ошондой эле аңчылык чарбаларына берилүүчү объект болуп калат.

**Корутунду**

"Нарын" МЖКнун аймагында негизги зона (өзөк зонасы) пайыздык катышта "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө" мыйзамда каралган белгиленген чектен төмөн жана болгону жаратылыш коругунун жалпы аянтынын 35% пайыздык катышына барабар же 36 969 га.

**Сунуштама**

1. "Нарын" мамлекеттик жаратылыш коругунун жетекчилиги, негизги зонанын (өзөк зонасынын) аянтынын үлүшүн "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык келтирүү максатында, функционалдык зоналарга бөлүү боюнча зарыл иштерди жүргүзсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин тийиштүү түзүмдүк бөлүнүштөрү "Нарын" мамлекеттик жаратылыш коругу менен бирдикте "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, "Нарын" мамлекеттик жаратылыш коругунун белгиленген үлгүдөгү паспортун алууну тездетсин.

**Аныкталды/Корутунду**

"Нарын" МЖКнын балансында Ийри-Суу участогунун аймагында жайгашкан жалпы аянты 41 га жер участогу бар, ошондой эле техникалык паспортко ылайык идентификациялык номери 4-05-09-1009-0001-01 Нарын району, Орток а/о, Таш-Башат а., "Ийри-Суу" тилкеси дареги боюнча

жайгашкан мейманкана үйү бар. 2021 жана 2022-жылдар аралыгында бул 0,28 га тилкеде жайгашкан имараттарды жана жайларды түзүлгөн ижара келишимдерине ылайык А.Б. Туйдокова аттуу жаран жыл сайын 3 айлык мөөнөткө 25-майдан 25-августка чейин ижарага алат. Ижара келишимдери жана ижара акысын эсептөө жыл сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд менен макулдашылат, ижара акысынын жалпы суммасы ай сайын 18 183,49 сомду түзөт. Түзүлгөн келишимдердин 10-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 334-беренесинин негизинде (17-октябрь, 2008-жыл, №230) Ижарага берүүчү Ижарачыдан жер салыгын алат, ал салык мыйзамдарынын талаптарына ылайык Ижарачы тарабынан жергиликтүү бюджетке төлөнүүгө тийиш.

2021-2022-жылдары "Нарын" МЖК тарабынан жер салыгы боюнча эсептешүүлөр жүргүзүлгөн жана өндүрүлгөн эмес. Ижарага берилген жерлер боюнча жер салыгынын 10,1 миң сом өлчөмүндөгү тиешелүү суммасы ушул аудиттин жүрүшүндө бюджетке төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

2022-жылдын ичинде "Нарын" МЖК боюнча айыл чарба жандыктарынын кыймылы тууралуу маалыматтарга ылайык, жалпы баланста турган жумушчу жандыктын (скот) ичинен мурда жолдонгон кат жүзүндөгү кайрылууга ЖРЭТКМдин 2022-жылдын 27-декабрындагы № 02-01-8\4783 кат жүзүндө жиберилген жообунун негизинде 3 топоз (25,0 мин сом бирдиктин балансттык наркы) "Каратал-Жапырык" МЖКна, "Салкын-Төр" МЖПна жана ЖРЭТКМнин Ысык-Көл-Нарын аймактык башкармалыгына, 1 топоз "Нарын" МЖКнун баштапкы профсоюз уюмунун 2022-жылдын 27-декабрындагы чечиминин негизинде кызматкерлерге жана жумушчуларга ысык тамак берүүнү уюштуруу үчүн союу жана бекер таратуу үчүн берилген.

ЖРЭТКМ 2022-жылдын 27-декабрындагы №02-01-8\4783 катында кызматкерлерге тамак-аш катары уюштуруу үчүн 4 топозду пайдаланууга уруксат берүү өтүнүчүнө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" буйругун жетекчиликке алууга милдеттендирет. Жогоруда аталган Жобонун 163-беренесине ылайык негизги каражаттын балансттык наркын таанууну токтотуу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

- чыгуу боюнча;

Же болбосо:

- эксплуатациядан келечектеги кандайдыр бир экономикалык пайда же кызматтык потенциал күтүлбөсө. Мында негизги каражат, аларды калыбына келтирүү мүмкүн болбогон же экономикалык жактан максатка ылайыксыз учурларда гана эсептен чыгарылууга тийиш. Кармоодогу топоздор менен

уйлардын башынын негизги багыты жаш мамалактарды (маралята) багуу үчүн сүт алуу болуп саналат.

Ошол эле учурда "Нарын" МЖКнын балансындагы жалпы жандык (жылкы, уй, топоз) бекитилген жобого ылайык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга арналган, жумушчу жандык болуп эсептелет жана көмөкчү чарбанын объектиси болуп саналбайт.

Аудит объектиси тарабынан аудиттин жүрүшүндө жандыкты эсептен чыгаруунун себептерин, ал тургай "Нарын" МЖК тарабынан башка юридикалык субъекттерге акысыз негизде берүүнү түшүндүргөн документалдык материалдар берилген жок.

**Сунуштама**

1. Негизги каражаттарды (4 баш топозду) негизсиз эсептен чыгарып жана аларды "Каратал-Жапырык" мамлекеттик жаратылыш коругуна, "Салкын-Төр" мамлекеттик жаратылыш паркына жана Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ысык-Көл-Нарын региондук башкармалыгына акысыз негизде өткөрүп бергендиктери үчүн.

2. "Нарын" мамлекеттик жаратылыш коругунун жетекчилиги 4 топоздун башын калыбына келтирсин.

**"Кара-Шоро" мамлекеттик жаратылыш паркы (мындан ары-МЖП)**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 3-майындагы №18 "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык мамлекеттик жаратылыш парктары төмөнкүдөй зоналарга бөлүнөт:

- мамлекеттик коруктар үчүн каралган режим белгиленген корук зонасы;

- экологиялык турукташтыруу зонасы, анда жөнгө салынуучу экологиялык туризмден жана бузулган жаратылыш комплекстерин жана объекттерин калыбына келтирүү боюнча иштерди кошпогондо, чарбалык жана рекреациялык иштерге тыюу салуу менен коруу режими белгиленет;

- туристтик жана рекреациялык зона, анда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жаратылыш комплекстерин жана объекттерин сактоону камсыздоочу коргоо режими белгиленет, аймакта жөнгө салынуучу туристтик жана рекреациялык иштерге жол берилет;

-административдик-чарбалык багыттагы объекттер жайгашкан, МЖПнын иштеши, келүүчүлөрдү тейлөө үчүн зарыл болгон чарбалык иштер жүргүзүлгөн, мейманканаларды, кемпингдерди, музейлерди жана туристтерди тейлөөнүн башка объекттерин куруу жана эксплуатациялоо жүргүзүлгөн чектелген чарбалык иш зонасы.

Жогоруда аталган Мыйзамдын 12-беренесине ылайык өзгөчө корголуучу жаратылыштык аймактарда өзгөчө корголуучу жаратылыш

аймактын түзүлүшү, аталышы, жайгашкан жери, функциялык зоналары, коргоо режиминин түрлөрү жөнүндө маалыматтар жана мамлекеттик жаратылыштык-корук фондунун алардагы объекттеринин сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү менен тизмесин камтыган белгиленген үлгүдөгү паспорт түзүлөт. "Кара-Шоро" МЖПда 2023-жылдын 19-майында гана почта аркылуу жогору турган уюмга бекитүү үчүн жөнөтүлгөн паспорттун долбоору бар. Түзүлгөн функционалдык зоналарга ылайык, жаратылыш паркынын аймагы 3 зонага бөлүнөт:

- корук зонасы - 2 090,9 га;
- чарбалык зона-11 794,4 га;
- рекреациялык зона-454,4 га.

Мында аудит объекти тарабынан, функционалдык зоналар боюнча жогору турган уюм же башка ведомстволор же уюмдар менен бекитилген же макулдашылган башка укук белгилөөчү документтер ушул аудитке берилген жок.

Берилген маалыматтарга ылайык, “Кара-Шоро” МЖНнын аймагында 3 гана зона бар, **экологиялык турукташтыруу зонасы жок,** ошол эле учурда участоктун жалпы аянтынын ичинен чектелген чарбалык иш зонасына 11 794,9 га же 82,2% туура келет. Ошол эле учурда жогоруда аталган Мыйзамга ылайык жаратылыш парктарынын негизги милдеттери жаратылыш комплекстерин сактоо, экологиянын деңгээлин жогорулатуу, экологиялык мониторинг жүргүзүү болуп саналат. Чектелген чарбалык иш зонасына бөлүнгөн участоктун аянтынын чоң болушу чарбалык ишмердүүлүккө жана жаратылыш парктарынын жерлерин ишкердик иш үчүн ижарага берүүгө жана “Кара-Шоро” МЖПнын алдына коюлган негизги милдеттерден алаксытууга көбүрөөк багытталган. Мында жогоруда аталган Мыйзамдын 7-беренеси менен жаратылыш парктарынын аймактарында коргоого алынган жаратылыш комплекстерине жана объекттерине зыяндуу таасир тийгизүүчү ар кандай иштерге тыюу салынат.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине, “Кара-Шоро” мамлекеттик ишканасынын жетекчилигине “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык “Кара-Шоро” жаратылыш паркындагы белгиленген зоналар кайра каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Баштапкы маалыматтарга ылайык, балансттык наркы 46,2 миң сомду түзгөн 77 даана бал челектери бар. “Кара-Шоро” МЖП тарабынан аудит жүргүзүүдө аларды сатып алууга тиешелүү документтер берилген эмес. Жетекчиликтин айтымында, бал челектер Өзгөн токой чарбасы тарабынан 1996-жылы “Кара-Шоро” МЖП түзүлгөндүгүнө байланыштуу берилген. Жыл сайын “Кара-Шоро” МЖП түзүлгөн келишимдердин негизинде ижарачынын бал тапшыруусу боюнча план түзөт. Мисалы, 2019-жылы 1 кг баасы 115 сом болуп алынган бал 90 кг түздү, 2020-жылы иштеген жок, 2021-

жылы 115 сомдон 616 кг жана 2022-жылы 150 сомдон 385 кг алынган. Алынган бал өзүнүн жумушчуларына сатылып, түшкөн кирешенин суммасы атайын эсепке түшүп турган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 6-главасынын 1-параграфынын 127 беренесине ылайык, негизги каражаттар төмөнкү шарттар аткарылганда активдер катары таанылат:

- активдерге байланыштуу келечектеги экономикалык пайданы же кызматтык потенциалды алуу ыктымалдуулугу;

- негизги каражаттардын алгачкы же адилеттүү наркы ишенимдүү өлчөнсө;

- негизги каражаттарды пайдалуу колдонуу мөөнөтү бир жылдан ашуун убакытты түзөт..

"Кара-Шоро" МЖП тарабынан жогорудагы Жобону бузуу менен бал челектер кириштелген эмес жана негизги каражаттардын эсебине алынган эмес.

**Сунуштама**

"Кара-Шоро" мамлекеттик жаратылыш паркы 77 даана бал челектерди эсепке алсын.

**Аныкталды/Корутунду**

"Кара-Шоро" мамлекеттик ишканасынын айрым иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомуна ылайык "Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринде (тизмесинде)" чагылдырылган кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесине кирет. Атап айтканда, "жаратылышты коргоочу, рекреациялык, илимий, эстетикалык, тарыхый-маданий жана агартуучулук мааниси бар өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын, мамлекеттик токой фондунун, жаратылыш музейинин, экологиялык визит-борборлорунун, бекитилип берилген аңчылык жерлеринин объекттерине баруу".

2019-2022 - жылдар аралыгында "Кара-Шоро" МЖП акы төлөнүүчү кызматтарга 3 позиция боюнча Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Ош облустук бөлүмү менен 19.04.2019-жылы макулдашылган баалардын прейскурантын пайдаланган, атап айтканда туристтердин кирүүсү 50 сом, чет өлкөлүк туристтердин кирүүсү 150 сом, жеңил унаанын кирүүсү 100 сом, жүк ташуучу унаанын кирүүсү 300 сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигинин маселелери жөнүндө" токтому менен министрликтин уставын, жобосун жана башкаруу схемасын бекиткен. Жогоруда аталган токтомдун 2-пункту менен Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин

алдындагы Мамлекеттик коруктар, жаратылыш парктары жана заказниктер Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Мамлекеттик коруктар, жаратылыш парктары жана заказниктер болуп аталыштары өзгөртүлгөн.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу “Кара-Шоро” МЖП көрсөтүлгөн кызматтарды ыйгарым укуктуу орган менен макулдашып, ошондой эле көрсөтүлгөн кызматтарга баалардын прейскурантын бекитүүсү зарыл болгон. Ошол эле учурда бул жол-жобо аудит объекти тарабынан 2023-жылдын 9-мартында гана өткөрүлгөн.

**Сунуштама**

Көрсөтүлүүчү кызматтарга баалардын прейскурантын өз убагында бекитпегендигине жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

2019-2022-жылдар үчүн мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүүнү жана ишке ашырууну уюштуруу “Кара-Шоро” МЖПнын башкы бухгалтери Ш.Мамедиевге жүктөлгөн. Мында, сатып алуулар жол-жоболорун уюштуруу жана жүргүзүү боюнча милдеттерди жүктөө жөнүндө буйрук жок, мамлекеттик сатып алуулар боюнча окуу курстарын өткөндүгүн тастыктаган сертификаты жок, комиссия мүчөлөрүнүндө да мамлекеттик сатып алуулар боюнча окуу курстарын өткөндүгү жөнүндө сертификаттары жок.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (03.04.2015-ж. №72) 10-беренесинин 4 жана 1-пункттарын жана “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 1 жана 4-пунттарынын (14.04.22-ж. №27) бузуу менен сатып алуулар жол-жоболорун уюштуруу жана жүргүзүү боюнча милдеттерди жүктөө жөнүндө буйрук жок, ошондой эле конкурстук комиссиянын мүчөлөрү жана мамлекеттик сатып алуулар маселелери менен алектенген жоопту адам сертификаттарга ээ эмес.

**Сунуштама**

Сатып алууларды уюштуруу жана жүргүзүү боюнча милдеттерди жүктөө, конкурстук комиссиянын мүчөлөрүндө сертификаттардын болушу бөлүгүндө “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

## Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу департаменти (мындан ары-Департамент)

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр 17,25%” беренеси боюнча которулууга тийиш 84,3 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттар 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча которулуп, максатсыз пайдаланылганы аныкталган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама**

1.Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдаланууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

2. *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине* 2111 “Эмгек акы” беренесинен 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” (17,25 %) беренесине которулган 84,3 миң сом суммасындагы максатсыз пайдаланылган бюджеттик каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилсин.

**Аныкталды**

2022-жылдын 31-декабрына карата Департаменттин жылдык балансына “Запастар жөнүндө маалымат” Түшүндүрмө катынын 3-тиркемесине ылайык, бюджеттик каражаттар боюнча эсепке алынууга тийиш болгон товардык-материалдык баалуулуктардын (чарбалык материалдардын) ченемден ашыкча запастары 32,9 миң сомду түздү.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама**

1. Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуу департаментинде 2022-жылдын аягына карата товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын 32,9 миң сом суммасында пайда болуу себептерине талдоо жүргүзүлсүн. Мындан ары жылдын аягында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын пайда болушуна жол берилбесин.

2. *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине* Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуу департаментин 2024-жылы каржылоодо, 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча аныкталган 32,9 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары, 2023-жылы өздөштүрүүнү эске алуу менен, талдоонун жыйынтыгы боюнча эсепке алынсын.

**“Борбордук лаборатория” мамлекеттик ишканасы (мындан ары-МИ)**

**Аныкталды/Корутунду**

2022-жылга тоо тектеринин, көмүрдүн, топурактын, пайдалуу кендердин, суулардын, материалдык курамын изилдөө боюнча бир жолку кызмат көрсөтүүлөр үчүн МИда сынамыктарды, концентраттарды алуу жана анализ жүргүзүү сметасы 8 262,2 миң сомду түзгөн, кардарларга 6 563,1 миң сомго эсеп-фактуралар коюлган, ал эми берилген отчеттук маалыматтар боюнча иш жүзүндө көрсөтүлгөн чыгымдар 6 097,1 миң сомду түздү, же ми 466,0 миң сомго (6563,1-6097.1) негизсиз ашыкча эсеп-фактураларын көрсөткөн .

*Мисалы:*

- “Фулд Голд майнинг” ЖЧКна, “Борбордук лаборатория” МИсынан 2021-жылдын декабрь айында сынамыктык (пробирдик) анализдерди жүргүзгөндүгү үчүн 165,5 миң сомго эсеп-фактурасы коюлган, ал эми чыныгы иш жүзүндөгү чыгымдар болгону 121,3 миң сомду түзгөн же негизсиз 44,2 миң сомго көтөрүлгөн;

-“Горная инвистицонная компания “Кайди” ЖЧКна, 2021-жылдын август айында сынамыктык (пробирдик) анализдерди жүргүзгөндүгү үчүн 912,8 миң сомго эсеп-фактурасы коюлган, ал эми чыныгы иш жүзүндөгү чыгымдар болгону 837,6 миң сомду түзгөн же негизсиз 75,1 миң сомго көтөрүлгөн;

-“Хуа Сю Майнинг компани” жана “Сарыджаз минерал Майнинг Компани” ЖЧКна, 2021-жылдын октябрь айында сынамыктык (пробирдик) анализдерди жүргүзгөндүгү үчүн 180,6 миң сомго эсеп-фактурасы коюлган, ал эми чыныгы иш жүзүндөгү чыгымдар болгону 115,3 миң сомду түзгөн же негизсиз 65,3 миң сомго көтөрүлгөн;

-“Алтын Кен” ЖЧКна, 2022-жылдын июнь айында сынамыктык (пробирдик) анализдерди жүргүзгөндүгү үчүн 686,2 миң сомго эсеп-фактурасы коюлган, ал эми чыныгы иш жүзүндөгү чыгымдар болгону 635,9 миң сомду түзгөн же негизсиз 50,3 миң сомго көтөрүлгөн;

-“Фуд Голд Майнинг” ЖЧКна, 2022-жылдын август айында сынамыктык (пробирдик) анализдерди жүргүзгөндүгү үчүн 2803,6 миң сомго эсеп-фактурасы коюлган, ал эми чыныгы иш жүзүндөгү чыгымдар болгону 2757,9 миң сомду түзгөн же негизсиз 45,6 миң сомго көтөрүлгөн.

**Сунуштама**

466,0 миң сом суммасында тоо тектеринин, көмүрдүн, топурактын, пайдалуу кендердин, сууларынын материалдык курамын изилдөө боюнча бир жолку кызмат көрсөтүүлөр боюнча негизсиз көтөрүлгөн эсеп-фактураларды кардарларга көрсөтүлүшүнө жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

2021-жыл үчүн кассалык отчетторду талдоодо "Понамо-Трейд" ЖЧКсынан № 335 кириштөө кассалык ордери менен спектралдык анализ

үчүн 589 сом жана "Рай фен Логистик" ЖЧКсынан 01.06.2021-жылдагы № 336 кириштөө кассалык ордери менен 589 сом түшкөнү аныкталган.

Жогоруда аталган коомдордон спектралдык анализ үчүн 02.06.2021-жылдагы фискалдык чек менен 1157 сомдон өндүрүлүп, белгисиз себептер менен ишкананын кассасына ар бир коомдон 589 сомдон түшкөн, ал эми түшпөй калган акча каражаттарынын жалпы суммасындагы айырма 1 136 сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү" тартибин бузуу менен ишкананын башкы кассасы аркылуу жөнөтүүчүлөргө жалпы суммасы 199,4 миң сомго ишеним катсыз накталай акча каражаттары берилген.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин ченемдерин, келип түшкөн акча каражаттарын кириштөө бөлүгүн бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

2. Кассадан накталай акча каражаттарын берүүнү кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн жана ишкананын буйруктары менен чарбалык жана башка чыгымдарга каражаттарды алууга укугу бар материалдык жоопту адамдардын тизмеси бекитилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун 4-пунктун жана жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келтирүү үчүн шарттарды жакшыртуу жана эмгекти коргоо боюнча жүргүзүлгөн комплекстүү уюштуруу-техникалык иш-чараларды эсепке алуу менен жыл сайын эмгектин өзгөчө шарттарындагы иштердин тизмесин кайра карап чыкпастан, директор К. З. Мурзабековдун №1-23\24-1 буйругунун негизинде административдик кызматкерлердин (директор, директордун орун басары, административдик персонал) жалпы суммасы 284,4 миң сом (2021 - жылы-79,7 миң сом, 2022-жылы-204,7 миң сом) компьютердин зыяндуулугу үчүн эмгек акысына кошумча акы эсептелген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы

жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизменин жыл сайын кайра карап чыгуу бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Аудит мезгил аралыгында кызматкерлердин иштеген жылдарына кошумча акы төлөө боюнча талдоо жүргүзүү учурунда ишкананын директору К.З.Муразабековго жана башкы бухгалтер З.Магезага ишкананын ички комиссиясынын протоколуна ылайык 2021-жылга иштеген жылдары үчүн 5% кошумча акы аныкталган. Бирок аныгында 2021-жылы 15%дан кошумча суммасы 8,5 миң сом, 2022-жылы 15% жана 20%дан 54,8 миң сомго, жалпы 63,3 миң сомго иштеген жылдарына ашыкча кошумча акы эсептелгени аныкталды.

**Сунуштама**

“Борбордук лаборатория” мамлекеттик ишканасынын ички комиссиясынын эмгек акыны төлөө жөнүндө протоколуна ылайык, кызматкерлерге белгиленген өлчөмдө иштеген жылдары үчүн үстөк акылар жана кошумча төлөөлөр эсептелсин.

**Аныкталды**

“Борбордук лаборатория” МИнын 02.12.2022-жылдагы №1-23\81 буйругунун негизинде, негизги каражаттарды жана товардык материалдык баалулуктарды 2022-жылдын 31-декабрына карата инвентаризациялоо жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгы менен айырмачылыктар аныкталган эмес.

2023-жылдын 14-июлуна карата кампадагы ТМБ калдыктарын салыштырып инвентаризациялоодо учурунда суммасы 386,2 миң сомго ашыкча жана суммасы 43,4 миң сомго жетишпестик, андан сырткары наркы жок 52 аталыштагы ТМБ бар экендиги аныкталды. *Аудит учурунда 38,9 миң сомдук суммасындагы жетишпестик калыбына келтирилди.*

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобону бузуу менен 2023-жылдын 14-июлуна карата кампадагы ТМБ калдыктарын салыштырып инвентаризациялоодо учурунда суммасы 386,2 миң сомго ашыкча жана суммасы 43,4 миң сомго жетпестик, андан сырткары наркы жок 52 аталыштагы ТМБ бар экендиги аныкталды.

**Сунуштама**

386,2 миң сом суммасындагы ашыкча товардык-материалдык баалуулуктар кириштелсин жана материалдык жоoптуу адамдын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Командировкалык чыгымдардын сметасы 2021-жылга 130,3 миң сомду, 2022-жылга 482,2 миң сомду түздү.

Аудиттин жүрүшүндө жалпы суммасы 241,4 миң сомго командировкалык чыгымдардын ордун толтуруу ченемдери бузулган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомун бузуу менен жалпы суммасы 241,4 миң сомго командировкалык чыгымдардын ордун толтуруу ченемдерин бузуу аныкталган.

**Сунуштама**

Жоопту у адамдар тарабынан чыгашаларды тастыктоочу документтердин толук берилиши камсыздалсын (буюртмачылар тарабынан командировкалык чыгымдардын орду толтурулган учурда).

**Аныкталды**

МИ кээ бир учурларда отчеттуу суммалар боюнча авансалык отчетторду тапшыруу мөөнөттөрүн сактабайт.

Акча каражатына отчеттуу адам ишкананын башкы инженери А.В.Полеваяга товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууга 2022-жылдын 10-октябрында №228 кассалык чыгыш ордери менен 60,0 миң сом берилген. Бирок, товардык-материалдык баалуулуктар өз убагында сатып алынбай, 2022-жылдын 22-ноябрында 44 календарлык күндөн кийин 60,0 миң сом акча каражаты ишкананын кассасына кириштөө ордери менен түшкөн.

Ошондой эле ишкананын мамлекеттик сатып алуулар адиси Р.С.Чымырбаевге 2022-жылдын 19-октябрында №233 кассалык ордер менен өндүрүштүк чыгымдарга 72,0 миң сом накталай акча каражаты берилген. Бирок эч кандай жумуш аткрылбастан 7 календарлык күндөн кийин кайра ишкананын кассасына 25.10.2022-жылы накталай акча каражаты кассалык кириштөө ордери менен түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосуна ылайык "...отчеттуу адамдар үч жумушчу күндөн кеч эмес бухгалтердик кызматка авanстык отчет (Форма 25) берет жана пайдаланылбаган аванстын калдыгын кассага кайтарып берүүнү жүргүзөт. Отчеттуу суммаларды чыгымдалгандыгы тууралуу аванстык отчетторду белгиленген мөөнөттө тапшырбай калуу шартында же пайдаланылбай калган авансtардын калдыгын кассага кайтарбай калууда, бюджеттик мекеме Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында белгиленген талаптарды сактоо менен аванстарды алган кызматкерлердин эмгек акысынан бул карызды кармап калууну жүргүзүүгө тийиш".

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун 304-пункутун бузуу менен айрым учурларда отчеттуу суммалар боюнча аванстык отчетторду берүү мөөнөттөрү сакталбайт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун отчеттук суммалар боюнча аванстык отчетторду берүү мөөнөттөрүн сактоо бөлүгүндө ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Ишкана автоунаа тетиктерин сатып алуну, оңдоо иштерин дефекттик жана орнотуу актылары жок жүргүзгөн. Кызматтык каттын негизинде жетекчинин буйругу менен 2021-жылы 29,7 миң сом, 2022-жылы 104,6 миң сом жалпы суммасы 134,3 миң сом эсептен чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелерин бузуу менен ишкана 2022-жылы күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгаруу боюнча ченемден 42,8 миң сомго ашкан. Аудиттин жүрүшүндө 42,8 миң сом суммасы ишкананын кассасына калыбына келтирилди.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын тиркелген эрежелеринин” ченемдерин, күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгаруу бөлүгүндө бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

2. Автоунаа тетиктерин эсептен чыгаруу, жетекчинин бекитүүсү менен дефекттик жана орнотуу актыларын түзүү менен ишке ашырылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Ишкана Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен 2021-жылы 905,9 миң сомго, 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен 2022-жылы 1 932,5 миң сомго накталай эсептешүүлөр жолу менен мыйзамда каралган конкурстук жол-жоболорду жүргүзбөстөн сатып алган.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча 2018-жылдан баштап “Aurum Chim” ЖЧКсынын 27,0 миң сом жана 2021-жылдын январынан

тартып Мамлекеттик экотехинспекциянын 6,3 миң сомго лабораториялык анализдер үчүн мөөнөтүнөн өткөн дебитордук карыздары аныкталган.

Дебитордук жана кредитордук карыздар жылдын аягында 6039,4 миң сомду жана 225,2 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

Дебитордук жана кредитордук карыздарды инвентаризациялоо өткөрүлсүн. Мөөнөтү 3 жылдан ашкан дебитордук карыздардын пайда болуусуна жол берилбесин. Дебитордук карыздарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн жана жеткирүүчүлөр, подрядчылар жана башкалар менен салыштыруу актылары түзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас облустары боюнча аймактык бөлүнүшү боюнча**

**Кыргызстанды туруктуу өнүктүрүүнүн тармактар аралык борбору**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бузуу менен, 2022-жылдын январынан августуна чейин 15 кызматкерге жалпы суммасы 420,5 миң сом, санэпидкөзөмөл органдары тарабынан электр магниттик нурлануунун деңгээлин өлчөө протоколу жок, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча акылар (айлык акынын 25%) негизсиз төлөнгөн

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча акыны аныктоо бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**ЖРЭТКМнин Чүй региондук башкармалыгы**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобону бузуу менен, санэпидкөзөмөл органдары тарабынан электр магниттик нурлануунун деңгээлин өлчөө протоколу жок, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча акылар негизсиз төлөнгөн: 2021-жылы 16 кызматкерлерге 40,9 миң сом; 2022-жылы – 23 кызматкерлерге 240,1 миң

сом, январынан августуна чейин 15 кызматкерге жалпы суммасы 420,5 миң сом. Бардыгы, аудит мезгилинде 281,0 миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча акыны аныктоо бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**ЖРЭТКМнин Бишкек шаары жана Аламүдүн району боюнча региондук башкармалыгы**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобону бузуу менен 2020-жылы санэпидкөзөмөл органдары тарабынан тарабынан электр магниттик нурлануунун деңгээлин өлчөө протоколу жок зыяндуу эмгек шарттары үчүн 33 кызматкерге жалпы суммасы 519,1 миң сом үстөк акы (эмгек акынын 25%) негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча акыны аныктоо бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, мамлекеттик кызматкерлер тарабынан кызмат ордун айкалыштырып иштөө практикаланган, буга байланыштуу, 28,0 миң сом Социалдык фондго которууларды кошкондо (2020-жылы- 52,9 миң сом; 2021-жылы- 105,7 миң сом; 2022-жылы-32,5 миң сом) жалпы суммасы 191,1 миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн;

**Сунуштама**

"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын, кызматчынын мамлекеттик жарандык кызматта жана

муниципалдык кызматта туруусунун чектүү курагы 65 жашты түзөт, деп белгиленген 37-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, көзөмөлдөө-инспекция кызматынын башкы инспектору Б. Жолчиевге, жаш курагынын чегине жеткенден кийин 2022-жылдын июнь айынан декабрь айына чейин 294,0 миң сом айлык акы, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 18,8 миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-бөлүгүнүн, 37-беренесинин ченемдерин кызматчынын мамлекеттик жарандык кызматта туруусунун белгиленген чектүү курагын сактоо бөлүгүн бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2020-жылдын аягына 96,5 миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын ченемдерин бузуу менен, жылдын аягына карата 96,5 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын пайда болуу бөлүгүндө бузууларга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

## ЖРЭТКМдын Талас региондук башкармалыгы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, аудит тарабынан 2022-жылдын эсеби боюнча 85,6 миң сом суммасындагы киреше салыгы боюнча дебитордук карыз жашырылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**

1. Киреше салыгы боюнча 85,6 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карыз бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту

жүргүзүү боюнча жобонун" дебитордук карыздарды эсепке алуу бөлүгүндөгү ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтому менен аныкталган, Мамлекеттик органдын жетекчисинин автотранспорттук каражатын кошпогондо, мамлекеттик органдарды тейлөө үчүн нөөмөттүк жеңил автотранспорттун санынын лимитин (атайын автомашиналардан башкасы) бузуу менен, жеңил нөөмөттүк автотранспорттун бир ашыкча бирдиги бар (башкармалыктын штаттык саны 24 бирдик, же лимитке ылайык нөөмөттүк автотранспорттун бир бирдигине урксат берилет, иш жүзүндө эки бирдик бар). Мында, КММ пайдалануу белгиленген ченемдерден ашкан эмес.

**Сунуштама**

Нөөмөттүк жеңил автотранспорттун саны, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтому менен белгиленген ченемдерге ылайык келтирилсин.

## "Беш-Таш" мамлекеттик жаратылыш паркы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген, Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине квалификациялык талаптарды бузуу менен, директор Н. Джынкалиевдин 2022-жылдын 11-февралындагы №4/3 буйругу менен, егерь кызматына тиешелүү билимге ээ эмес, Усон уулу Н. кабыл алынган. Жыйынтыгында, ага 24,3 миң сом Социалдык фондго которууларды кошкондо, 223,1 миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине карата квалификациялык талаптарга ылайык, кызмат орундарына дайындоо бөлүгүнүн ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

## "Кара-Буура" мамлекеттик жаратылыш паркы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, Токой жана аңчылык чарбаларынын,

мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине квалификациялык талаптарды бузуу менен, парктын директору Э.Кулбаевдин, ага илимий кызматкер М. Борюнованын, токой өсүмдүктөрү (изилдөө) боюнча инженерлер А. Опобеков менен А. Тайсариевдин билими жана алган адистиктери белгиленген талаптарга жооп бербейт. Анын натыйжасында, 206,5 миң сом Социалдык фондго котрууларды кошкондо (Э.Кулбаевге - 682,9 миң сом; М. Борюновага-329,4 миң сом; А. Опобековго-192,2 миң сом; А. Тайсариевге-198,7 миң сом), бардыгы 1 403,2 миң сом негизсиз чыгарылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине карата квалификациялык талаптарга ылайык, кызмат орундарына дайындоо бөлүгүнүн ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги №102-р "Бюджеттик уюмдардын өздүк керектөөлөрү үчүн 2019-жылга электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн жылдык лимиттери жөнүндө" буйругуна ылайык электр энергиясын керектөөнүн жылдык лимиттери бекитилген.

Алсак, "Кара-Буура" МЖПсы үчүн 2019-жылга электр энергиясын керектөө лимити 15,0 миң кВт/с бекитилген. Мындан ары лимиттер бекитилбегендигине байланыштуу аудит тарабынан кийинки жылдарга "Кара-Буура" МЖПсы үчүн электр энергиясын керектөө лимити 2019-жылдын деңгээлинде чагылдырылган.

Ошентип, 2020-жылга электр энергиясын пайдаланууга 15,0 миң кВт/с. ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдалануу 26,2 миң кВт/с. түзгөн, же ашыкча чыгымдоо 11,2 миң кВт/с., 28,0 миң сомду түзгөн.

2021-жылга электр энергиясын пайдаланууга 15,0 миң кВт/с. ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдалануу 19,3 миң кВт/с. түзгөн, же ашыкча чыгымдоо 4,3 миң кВт/с., 10,9 миң сомду түзгөн.

2022-жылга электр энергиясын пайдаланууга 15,0 миң кВт/с. ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдалануу 23,9 миң кВт/с. түзгөн, же ашыкча чыгымдоо 8,9 миң кВт/с., 22,7 миң сомду түзгөн.

Аудит мезгилинде бардыгы 61,6 миң сомго электр энергиясы бекитилген ченемден ашыкча пайдаланылган.

**Сунуштама**

Электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимиттеринин ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесин бузуу

менен, 2021-жылдын ичинде, конкурстук процедуралар өткөрүлбөстөн, жалпы суммасы 349,5 мин сомго товардык-материалдык баалуулуктар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр сатып алынган, анын ичинде: 2020-жылы 14,1 миң сомго, 2021-жылы 64,6 миң сомго, 2022-жылы 32,5 мин сомго.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Жаратылыш паркынын жерлерин убактылуу пайдаланууга берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-октябрындагы № 677 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин пайдалануунун тартиби жөнүндө" жобонун талаптарын бузуу менен, конкурстар өткөрүлгөн эмес. Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 25-пунктун бузуу менен, жер участогун убактылуу пайдалануу жөнүндө келишимдер ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан катталган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-октябрындагы №677 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин пайдалануунун тартиби жөнүндө" жобонун ченемдерин мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан конкурстарды өткөрүү жана келишимдерди каттоо бөлүгүн бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Экологиялык изилдөө, консалтинг жана аудит борбору**

2022-жыл үчүн бирдиктүү салык декларациясына ылайык, борбор 3 242,1 миң сом чыгым тарткан.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын облустары боюнча аймактык бөлүнүшү боюнча**

**"Сарычат-Эрташ" мамлекеттик жаратылыш коругу**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын Типтүү тизмегинин" (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) талаптарын бузууга жол берилген, анда 42-бөлүмүнүн 17-пункутунда каралган зыян шартта компьютерде иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна

ылайык күчүн жоготкон), 2022-жылдын август айына чейин жумушчу орундарын аттестациялабастан, 4 (төрт) кызматкерге компьютерде иштегендигине зыяндуулук үчүн 25% өлчөмүндө же 42,8 мин сом кошумча төлөмдөр төлөнгөн. Жыйынтыгында, эмгек акыны, командировкалык чыгымдарды, жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана башка төлөмдөрдү төлөөгө байланыштуу бузуулар 42,8 мин сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) Типтүү тизмегинин 42-пунктунун 17-пунктчасы күчүн жоготкондугуна байланыштуу, зыяндуу эмгек шарттары (компьютерде иштөө) үчүн кошумча төлөөлөр токтотулсун.

**Каракол жаратылыш паркы (мындан ары-Парк)**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жалпы суммасы 280,5 миң сомго (2021-жылга 152,0 мин сомго, 2022-жылга 128,5 мин сомго) товардык-материалдык баалуулуктардын (күйүүчү майлар, кеңсе жана чарба буюмдары, чийки заттар жана материалдар) ашыкча запастары аныкталган. Натыйжада, ченемден ашык запастар 280,5 мин сомду түздү.

**Сунуштама**

1. Каракол жаратылыш паркында 280,5 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын пайда болуу себептерине талдоо жүргүзүлсүн. Мындан ары жылдын аягында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын пайда болуусуна жол берилбесин.

2. *Кыргыз Республикасынын Финансы министрл*игине “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускаманы бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтомуна ылайык Каракол жаратылыш паркында 2024-жылы каржылоодо, 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча аныкталган

128,5 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары, 2023-жылы өздөштүрүүнү эске алуу менен эсепке алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

2021-жылда Парктын административдик имаратынын айланасына пескоблок менен тосмо орнотууга жана административдик имаратынын бир кабинетин ремонттоого конкурс өткөрүлгөн. Конкурска 2 талапкер катышкан. "Дөөлөс Транс" ЖЧКсы 220,0 миң сом жана 170,0 миң сом суммасы менен конкурстун жеңүүчүсү болуп табылган. Конкурстук табыштаманын кепилдик камсыздоосу сатып алуулардын суммасынын 10% өлчөмүндө аныкталган. Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 26-беренесинин талаптары бузулуп (2022.14.04. №27 Мыйзамына ылайык күчүн жоготкон), жабдуучу тарабынан сатып алуучу мекеменин эки объекти боюнча конкурстук иш кагаздарында каралган конкурстук табыштаманын кепилдик камсыздоосу киргизилген эмес, ошол эле учурда жабдуучу менен келишим түзүлгөн.

**Сунуштама**

Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууну киргизбестен жөнөтүүчү менен контракт түзүү бөлүгүндө "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин карасын.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүнүшү боюнча

**Чаткал районундагы "Беш-Арал" мамлекеттик жаратылыш коругу**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 "Токой жана аңчылык чарбалардын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн жаңы шарттарын киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-тиркемесинде автомобилдин кыймылдаткычы 1,8 кубга чейин болсо айдоочунун оклады 3800 сом деп көрсөтүлгөн. Бирок, жаратылыш коругунун айдоочусу С.Мусаевге 4250 сом оклад коюлуп, натыйжада 15,4 миң сом ашыкча төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдагы 7-апрелиндеги №201 "Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерининин эмгек акысын төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун ченемдерин, айлык акыларды белгилөө бөлүгүн бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Кызматтык сапар чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби" токтомунун талаптары бузулуп, аванстык отчеттор, тиешелүү документтер талаптагыдай түзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Аванстык отчетторду жана тиешелүү документтерди түзүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун ченемдерин аванстык отчетторду, тиешелүү документтерди талаптагыдай түзүү бөлүгүндө бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**"Падыша-Ата" мамлекеттик жаратылыш коругу**

**Аныкталды/Корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары бузулгандыгы аныкталган. Тактап айтканда 2023-жылдын 30-июнь, 1-июль жана 2-июль күндөрү мамлекеттик коруктун постунда текшерүү жүргүзүлгөн. Корукка кирген эс алуучулар тийиштүү төлөмдөрдү төлөбөстөн (төлөм документтери жок) коруктун аймагына кирип кетишкен. Натыйжада 21,4 миң сом коруктун өздүк эсебине түшпөй калган. Аудит мезгилинде 21,4 миң сом банктык эсепке чегерилип, ордуна коюлду.

**Сунуштама**

Коруктун аймагына келгендерди акы төлөбөстөн өткөргөндүгү үчүн, "Падыша-Ата" мамлекеттик коругунун постунун кызматкеринин жоопкерчилиги каралсын.

**"Сарычелек" мамлекеттик биосфералык коругу**

**Аныкталды/Корутунду**

"Альфа Телеком" ЖАК менен 2012-жылдын 29-июнундагы антенаны орнотуу үчүн түзүлгөн келишимдин негизинде антенна орнотулуп азыркы учурда антенна коруктун аймагында турат. Келишим ылайык ижара акысы айына 3,0 миң сомдон бир жылга 36,0 миң сомду түзгөн. 2022-жылы "Альфа Телеком" ЖАК тарабынан 36,0 миң сом ижара акы төлөнгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосунун талаптары бузулуп коруктун балансында 36,0 миң сом ижара акы дебитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун ченемдерин ижара акы боюнча дебитордук карыздарды эсепке алуу бөлүгүндө бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

2. 36,0 миң сом суммасындагы дебитордук карыз калыбына келтирилсин жана “Альфа Телеком” жабык акционердик коомунан ижара акысын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча жобосун бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптары бузулуп ай сайын, кассалык, казыналык, авансалык жана материалдык отчетторго бухгалтериялык проводкалар берилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун ченемдерин бухгалтердик проводкаларды тариздөө бөлүгүндө бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**“Сурматаш” мамлекеттик жаратылыш коругу**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарын бузуу менен Баткен областынын аймагында болуп өткөн чек-ара чырында жарбыр тарткандарга 2021-жылдын май айында эмгек акы эсебинен которулган 4,5 миң сомдук жардам кызматкерлердин эмгек акысынан кармалбай калган. (тактап айтканда дебитордук карыздар эсептен жашырылып калгандыгы аныкталды). Каржы бузуулар июнь айындагы эмгек акыдан кармоо жолу менен ордуна коюлду.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**“Алатай” мамлекеттик жаратылыш паркы**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча жобосун бекитүү жөнүндөгү” буйругунун талаптары бузулуп товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына инвентаризация жүргүзүүдө жаратылыш паркынын мурдагы директору А.С.Турсуналиевдин жоопкерчилигинен 11 даана 395,4 миң сомдук фотоаппарат жетишпестиги аныкталды

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун ченемдерин товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигинин пайда болушуна жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

2. Жаратылыш паркынын мурдагы директору А.С. Турсуналиевден 395,4 миң сомдук 11 даана фотоаппараттардын жетишпестигин өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

*Эскертүү: материалдар 01-13/196 катынын негизинде Жалал-Абад облустук прокуратурасына 27.06.2023-жылы берилген.*

**“Саркент” мамлекеттик жаратылыш паркы**

**Аныкталды/Корутунду**

2020-2021-жылдарда “1С бухгалтерия” программасын коштоо үчүн “Метод актива” ЖЧКсына 20,0 миң сом акча каражаты баланста кредитордук карызы катары катталган, бирок аудит өткөрүлүп жаткан учурга чейин жаратылыш паркынын бухгалтериясы “1С бухгалтерия” программасына өтүп жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

1. Кредитордук карыздын так эсебин калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

2. 20,0 миң сом суммасында кредитордук карыздын пайда болушуна жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

**“Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш паркы**

**Аныкталды/Корутунду**

2019-жылдын 25-декабрында мамлекеттик сатып алуулар порталына түз келишим ыкмасы менен курулуш материалдарын жана косилка сатып алууга конкурс жарыяланып, анда “Капля плюс” ЖЧКсы утушка ээ болгон. 2019-жылдын 30-декабрындагы №25 келишимге ылайык, “Капля Плюс” ЖЧКсынын 2019-жылдын 30-декабрындагы кепилдик катынын негизинде 2019-жылдын 31-декабрындагы төлөө тапшырмасы менен 72,4 миң сом акча каражаты “Капля Плюс” ЖЧКсынын расчеттук счетуна которулган. Бирок,

аудит өткөрүлүп жаткан учурга чейин келишимдин талаптары аткарылбагандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

1. Жабдуучу тарабынан келишим боюнча милдеттенмелер аткарылганга чейин каражаттарды которууга жол берген кызмат адамдарына карата чара көрүлсүн.

2. “Капля плюс” ЖЧКсынан курулуш материалдарын жана чөп чапкычтарды сатып алууга которулган 72,4 миң сомду өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аудитор** **У.А. Жумагулов**